Скырг
М23

Буумайрам Манасова

# ҮМҮТ
# оту

Ырлар жыйнагы



оδ.

Скырп
М 23

Манасова Буумайрам

# ҮМҮТ ОТУ

## Ырлар жыйнагы

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487786

Бишкек – 2024

УДК 821.512.154–1
ББК 84 (5Кир)–5
М 23

**Манасова, Буумайрам**

М 23 Үмүт оту: Ырлар жыйнагы. – Б.: Кырсекон, 2024. – 156 б.

ISBN 978–9967–9571–1–4

Бул китепте автор элди-жерди сүйүүсүн, мекенге, улутка күйүүсүн, жашоо-турмуш боюнча ой жүгүртүүсүн, кыргыздын чыгаан уул-кыздарына, жакындарына арноолорун калем күчүнүн жетишинче көркөм сөз менен баян этип ырларын баарыңыздарга тартуулайт.

УДК 821.512.154–1
ББК 84 (5Кир)–5

ISBN 978–9967–9571–1–4
© Манасова Б., 2024-ж.



## АК ЖОЛ ГАНА КААЛАЙБЫЗ!

Мурда-кийин оор-жеңил турмушту баштан өткөрүп, ошону менен бирге колдон калемин таштабай, поэзия дүйнөсүндө өз алдынча изденүү жолунда келаткан Манасова Буумайрам Ташматовнанын ырларын социялдык тармактардан кезиктирип,такшалып калган акындардын сабына кошуп коёр элем. Мээнеткеч акын биринчи кезекте поэзиянын эң башкы талаптарынын бири болгон ташка тамга баскандай уйкаштыктарды кармаганы жакты. Кийинки кездерде уйкаштыгы жок эле ыр жазса боло берет дегендер көбөйдү. Анда алар убараланып ыр жазбай эле кара сөз менен жаза беришпейби...Кашкөй акындарыбыз Турар Кожомбердиевдин, Жолон Мамытовдун артыкчылыгы, биринчиден, куюлушкан уйкаштык менен жазгандыгында, экинчиден, албетте омоктуу орошон ойлорду айтышкандыгында...

Бул сапар Буумайрам Манасова алардын деңгээлине жетпесе да, ошол жол менен ийгиликтүү поэзия дүйнөсүнө сапар алгандыгында...бул сапардын ийгиликтүү болооруна акындын калеминен жаралган ыр саптары күбө...

Анан дагы бир байкаганым, акын айымдын поэтикалык түрдүү жанрлар менен иштегендиги...Мисалга ала турган болсок, поэзиядагы татаал жанрлардан болгон сонетти жазуу баарынын колунан келе бербейт. Манасованын “Айкөл айыл элдери” деген сонети чеберчилик менен жазылган. Бул багытта дагы эргүү менен издене берүүсүн каалар элек.

Жаңы китептин кол жазмасына баш сөз жазуу деген, бул жыйнакты бүт сындын элегинен өткөрүп, конкреттүү талдап чыгуу эмес. Жакшы жактарын белгилеп, акындын багыт алган сапарынын ийгиликтүү болушуна ак бата берүү... Ал эми ырлардын плюс жана минусун сын көз менен талдоо китепти окуп чыккандан кийинки кеп. Буумайрамдын “Үмүт оту”аттуу ыр жыйнагына кирген “Сагыныч”, “Күздөгү жалбырактар”, “Бул дүйнө”, “Жашоону сүйүп жашайлы”, “Өрүк гүлү”, “Балалыктын калаасы” аттуу ырлары чеберчилик менен жазылгандыгына ыр жыйнакты окуп чыккан окурман күбө болоору шексиз.

Не дейбиз, акын кыздын ырахат тартуулаган ырларын окуган окурман бейкапар ойдо калбайт демекчимин. Изги изденүү гана ийгилик алып келээрин акын кыздын эсине салып койгум келет.

ДОГДУРБЕК ЮСУПОВ

*Акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, СССРдин Жазуучулар союзунун мүчөсү.*





## ЫР БОЛУП КЕЛЕТ ТӨГҮЛГҮМ

Демейде мен, кайсыл бир чыгармачыл инсандардын китептерине жазган баш сөздөрүмдө, кайсыл бир улуу ойчул, философтордун цитаталарынан бирин-экин аралаштырып, аны автордун айтаар ойлору менен байланышта талдап жазган учурларым көп. Ал эми азыр да, ошол адатымды карматууга Буумайрам Манасова эженин чыгармалары ага жол бербей, жөнөкөй гана, жалпак тил аркылуу өзгөчө нукта кеп салууну каалап жаткандай. Себеби, Б.Манасова эже экөөбүз "Поэзия Ордосу" көркөм-адабий коомдук бирикмесине мүчө болуп удаалаш келдик. Ошондон берки 5 жыл аралыгында жазган ырларынын дээрлик бардыгы менин көз алдымдан өттү десем болот. Ошондогу алгач биз таанышкан чыгармалары, бир карасаң кадыресе калеми төшөлүп калган мааниси терең ырлар, бир карасаң жазмалары жаңы үйрөнчүк акындай, айтор, нагыз саяпкерине жолукпай өзү билген таскагы менен гана чуркаган тубаса күлүктөй таасир калтырган. Чыгармачылыкта жалаң гана көкүрөк тыбыраткан табигый шык-жөндөм жана карандай талант менен көксөөңдү кандыраар керемет иштин өтөсүн жарата албайсың. Анүчүн адабий билим керек. Дал ушул көркөм-адабияттын негизги теориялык баскычтарын, Бүмайрам эже Поэзия Ордосуна келгенден кийин басып өтүп, айтылган сабактарды илгиртпей илип алып бат өстү десем жаңылышпайм. Ага себеп, бул бирикме жазмакерлердин жөн гана чогулушуп ыр окуган аянтчасы эмес, алардын андан аркы өсүү жолуна жол ачкан адабий мектеп эле. Андагы билимдүү адистердин сабактары, сын-пикирлери, жетекчиликтин баарына күйүп-бышкан мамилеси жана жалпы эле ал жактагы

жагымдуу атмосфера авторго канчалык таасир эткени "Капитан кыз" деген ырында жакшы берилген:

Ааламдагы ар иштерден кабардар,
Ордодо экен мен издеген адамдар. – ушул эки сабын эле үңүлө карасак, "Поэзия Ордосунун" автор үчүн канчалык маанилүү жана бийик экендигин түшүнсөк болот.

Адатта, чыгармачыл инсандар өзүн машыктырып да, сынап да канчалык ар тараптуу темада, ар кыл формада жазма стилин өркүндөтпөсүн, өзүнүн жан-дүйнөсүнө жакын өзгөчө багыты болот. Кайсыл темага кайрылбасын, кандай жанрды тандабасын ошол ички туюмунда уюган пафосу ээрчип жүрөт. Ал дээрлик бүткүл чыгармаларынан жеке авторго гана таандык экендигин сездирип турат. Менин Б.Манасованын чыгармаларынан баамдаган автордун негизги темасы же, окурмандарга ыр аркылуу жеткиргиси келген башкы миссиясы элди-жерди сүйүү, мекенге, улутка күйүү алардын баркын калем күчүнүн жетишинче көркөм сөз менен баян этүү.

Кичи мекенге деген аздек арзуусу, туулган жерине болгон ыйык берилүүсү: "Айылым", "Өрүк гүлү", "Өрүкзар турсун кулпуруп", "Айкөл айыл элдери" ж.б. ырлары аркылуу баяндалып олтуруп, ошол эле ата конушунун жалпы Кыргызстан үчүн канчалык ыйык да, бийик да, бөлүнгүс да экендигин төмөнкү; "Кыргызстан Баткенимден башталат", "Жоокерлер", "Жергемде тынчтык орносун", "Эркиндик" д.у.с. чыгармалары менен бекемдеп, "Кыргыз Жерим" деген ырында мындайча саптар менен изги тилегин, аксакалдык аздек акылын айтып өтөт:

Жети дубан, Жетигендей биригип,
Жүрсөк дайым жетелешип тизилип.





Бөлүнбөстөн бирге болсок ар иште,
Биз тарапта болот дайым ийгилик.

Б. Манасованын атуулдук-патриоттук кеп кылчу сөздөрү Ата-мекендик темалар, географиялык аталыштар камтылган ырлар менен эле чектелбейт, анын кыргыз элинин чыгаан атуулдарын, өзгөчө көркөм сөз өнөрүнө баа жеткис салымдарын кошуп кетишкен улуу инсандарды, чыгармаларында өтө жеткиликтүү таасындап айтып өтөт. Алар "Көөнөрбөгөн байлыгым", "Акындар", "Залкарлар" ошондой эле "Сыймыгыбыз ушулар" деген ырында минтип баса белгилейт:

"Берендердин бирин айтсам бири бар,
Бүт баарынын артында өчпөс изи бар".

Арийне, бул жыйнак автордун алгачкы басылмасы болуп жаткан соң, ар өңүттөгү ырлары кирген. Ошого бул баш сөздүн темасын дагы автордун чыгармаларынын арасынан сууруп алып коюп салдым. Себеби, автор көкүрөгүн көптүргөн, ички уйгу-туйгусунун баарын ыр кылып төгүп бергиси келет. Поэзия – ошол ички сезимдердин күүсү. Күүлөнгөн ыргак өз угармандарына жетүүсү абзел. Калем кармаган инсандын көксөө үмүтү, көркөм сөз каражаттары менен шөкөттөлгөн сезим ыргактарын окурмандарга ачып берүү. Б. Манасова дагы бул тырмак алды жыйнагында канчалык дэңгээлде өзүн ачып бере алды? Аны жалпы китеп сүйүүчүлөр өзүлөрү да таразалап алаар.

КОЗУБАЕВ АЛМАЗБЕК.

*Адабий сынчы. "Поэзия Ордосунун" талдоочу мугалими.*

## ҮМҮТ ОТУ

Үмүтүм оттой жанып өчпөй келет,
Үзүлбөй, көп нерсени көксөй берет.
Бардын да жогу болот, жоктун бары,
Барга көөп, жок болгондо чөкпөө керек.

Жашоо бул, жагалданып арбай берет,
Жагымдуу ой-кыялдар жандай берет.
Акыйкат эңсегендер артта калып,
Айлакер. Алдамчылар чардай берет.

Учкашып окшош күндөр өтө берет,
Умтулган утат, улам өсө берет.
Чектелген таттуу өмүр, тирүүчүлүк,
Четинен кемий берет, өчө берет.

Аздыгын бул өмүрдүн билсек деле.
Айрымдар, адал жолго кирбейт неге?
Акырет бараар жерди ойлоттурбай,
Адамды акча. Байлык бийлейт неге?

Тең заман телегейи качан болот?
Так ушул ойлор алды башты тороп.
Кеталбай же жер кезип каякадыр,
Кайрадан үмүт оту алоолонот...

Үмүтүм алоолонуп өчпөй келет,
Үзүлбөй көп нерсени эңсей берет.





## КЫРГЫЗ ЖЕРИМ

Кыргыз жерим! Куп келишкен ажарың,
Койгондой бир, колдо жасап атайын.
Көркөмүңдү даңазалап жазууга,
Колдон келген далалатым жасайын.

- Алтын уям өзүңсүң, - деп айта алам,
Ай-ааламга уялбастан жар салам.
Кызы болуп кыргыз улуу журтумдун,
Калганыма сыймыктанам, мактанам!

Кыргыз жерим! Көз талдырат көркөмүң,
Көптөрүнөн коозу сенсиң өлкөнүн.
Таза абасы, суусу менен шербеттей,
Тамшандырат бардык толуу чөлкөмүң.

Ата журтум, алдейлеген бешигим,
Ата-бабам сактап берген кешигим.
Аман сактап алалычы асырап,
Алдырбастан душманга бир кесимин.

Жети дубан жетигендей биригип,
Жүрсөк дайым жетелешип, тизилип.
Бөлүнбөстөн бирге болсок ар иште,
Биз тарапта болот дайым ийгилик!

Жетигендей жетелешип, тизилип,
Жашайлычы ынтымакта биригип!

## КЫРГЫЗСТАН БАТКЕНИМДЕН БАШТАЛАТ

Жексур душман колун салып, кайталап,
Жатса деле талап, өрттөп, талкалап.
Кебелбеген эли эркТҮҮ, кеменгер,
Кыргызстан, Баткенимден башталат!

Кырылса да кырчын жаштар, канчалап,
Карыш жерин алдырбады, калкалап.
Максаты бир баатыр мүнөз элинин,
Мекен чеги, Баткенимден башталат!

Бекем турган берген шерти, антына,
Берендер көп, калкан болгон калкына.
Өз жанынан артык көрүп мекенин,
Өжөрдөнүп, эч кайтпаган артына.

Тамырында эр Манастын каны бар,
Түптүү элбиз намысы бар, ары бар.
Эл болобуз тийбегенге тийишпес,
Эрегишсе эңип алчу жагы бар!

Алакандай бир ууч элбиз, болгону,
Алдырбайлы бар ырысты, колдогу.
Теңиримдин бизге гана энчилеп,
Тартуулаган түмөн байлык, олжону!





Ок чачырап күйүп жатса денеси,
Онтойт ыйлап жалпы кыргыз энеси!
Биз бир элбиз кыргыз деген, бир улут,
Бийиктикке багыт алган кемеси.

"Өрүкзар", - деп өрдөй берсин атагың,
Өкүнтпөсүн, кайталанып чатагың.
Бекем туруп коргойлу Ата Мекенди,
Балдарындай бир эне, бир атанын!

## УЛУУ ТИЛ

Эне тилде алдей айткан энебиз,
Эне тилге сугарылган денебиз.
Бул биз үчүн баасы бийик, улуу тил,
Башка тилге алмаштыргыс, теңегис!

Эне тилде эркин ырдап жүрөбүз,
Эркелейбиз, элжирейбиз, сүйөбүз!
Тилибиз бар дүйнө элдердин сабында,
Теңтайлашып бирге доор сүрөбүз.

Жорго Току ушул тилде сайраган,
Жегичтерди "Беш каман," - деп жайлаган.
Чычалашып чындык сөзгө чыдашпай,
Чоң курсактар сүргүнгө аны айдаган.

Ушул тилде эчен залкар ыр жазган,
Уюткулуу сөздөн курап, чоң дастан.

Таңдайынан ыр чубурган төкмөлөр,
Тилди кайрап, таамай төгүп ырдашкан.

Кайда жүрсө калк маанайын ачышып,
Керемет сөз берметтерин чачышып.
Атпай журттун алкоосуна татышкан,
Алмак-салмак төгүп ырдап айтышып.

Өйдөсүнүп, өзгө тилде сүйлөсөк,
Өзүбүздүн тилибизди сүйбөсөк.
Эзели анда кечиришпейт бабалар,
Эне тилди баалап, барктап жүрбөсөк..

## ЖООКЕРЛЕР

Силер барда жашоо бейкут, күндөр тынч.
Жай баракат сүрүүдөбүз өмүрдү,
Жаркылдатып ачып маанай, көңүлдү.
Санаа чекпей бейпил, айлуу түндөр тынч.

Чек арадан душмандарды киргизбей,
Жергебизди, турасыңар кайтарып.
Жоо катылса мизин улам майтарып,
Чоочун элдин суук көзүн тийгизбей!

Болосуңар, урпактары Манастын!..
Көк жал, баатыр, көздөгөндөн кайтпаган.
Карегиндей, Ата-журтун сактаган.
Боорго тепсе кимдер турбас карап тым.





Актап элдин, энелердин үмүтүн,
Абийир менен өтөгүлө милдетти.
Айдап салып жаман оору, илдетти,
Аянбастан Ата-журттун жүгү үчүн!

Кудай колдоп, карууңарга күч толсун,
Аман болсун жоокерлерим жаныңар,
Арбый берсин катарыңар, саныңар.
Кыраандарым!..Майрамыңар кут болсун!

## ЖООКЕРГЕ

Алтындан сөйкө тагынып,
Ак жибек жоолук салынып.
Ардагым, жүрөм өзүңдү,
Ар күнү эстеп, сагынып.

Күмүштөн сөйкө тагынып,
Көк жибек жоолук салынып.
Кымбатым, жүрөм өзүңдү,
Күн сайын күтүп, сагынып.

Абайлап чачым таранып,
Айнекке улам каранып.
Алышып ойноп күлүүгө,
Алыс да азыр аралык.

Кундуздай чачым таранып,
Күзгүдөн улам каранып.
Куушуп ойноп күлгөнгө,
Күнчүлүк, азыр аралык.

Асынып жонго куралың,
Алыста болуп турагың.
Кадырлуу Ата Мекенди,
Кайтарып жүргөн убагың.

Курчанып, байлап белиңди,
Күттүрүп мендей теңиңди.
Жароокер, асыл бозоюм,
Жүрөсүң коргоп элиңди.

Сыймыгы болуп атаңдын,
Үмүтүн актап апаңдын.
Ак иштеп атпай журт үчүн,
"Азамат мырза!" - аталгын!

Кызматың толук аткарып,
Айылга келсең атганып.
Кучагым жайып тосоюн,
Кубанып, күлүп, шаттанып!..





## КАСИЕТИ ОРДОНУН

Өзбү?..Жатпы?.. Кайсыл жерде болбоюн,
Өйдөлөөгө үндөйт мени ойлорум.
Шилтеттирет каламымды токтотпой,
Шыктандырып сыйкыр күчү Ордонун!

Аттангамын! Азыр узак жолдомун..
Алдыма чоң максат-тилек койгомун.
Дегдеттирет арышымды тездетип,
Дем-күч берип, касиети Ордонун!

Бийиктикке жаңсап дайым колдорун,
Барар жолдун тактап айтып оң-солун.
Билигине май тамызып үмүттүн,
Барат жандап жакшылары Ордонун!

## КАПИТАН КЫЗ

Сапардабыз, түптүз узак жолдобуз,
Багытыбыз окшош, бирдей ойдобуз.
Мүдүрүлсөк бара жатып кокустан.
Түздөп турат Поэзия Ордобуз!

Бир үй-бүлө, бир туугандай баарыбыз,
Бирдей эмес өйдө-ылдый жаштабыз.
Бирдей бирок, жан дүйнөмдө сезимдер,
Багытыбыз, бара турчу жайыбыз.

Кандай жакшы баарлашып сүйлөшкөн,
Сөз түгөнбөйт үч күн, үч түн сүйлөшсөң.
Жан дүйнөсү таза окшош адамдар,
Сезимдерге жыпар чачып гүлдөткөн.

Жолду катар айтып кызык кептерди,
Арасында сүйүүгө да кез келди.
Баратабыз чоң кемени шаңдантып,
Айтып бүтпөй өткөн менен кеткенди.

Ааламдагы ар иштерден кабардар,
Ордодо экен мен издеген адамдар.
Көөдөндөгү көрөңгөлүү өзгөчө,
Колдорунда койкоңдогон калам бар.

Чоң кемени түздөп туура багытка,
Бара жаткан салып бизди жарышка.
Капитан кыз Ниязова Клара!
Көрөгөч ал, көз чаптырган алыска..

*24.03.2021-ж.*

## ЖАҢЫРАЛЫ

Келгилечи жаңы жылда жаңыралы,
Көрө албастык сезимдерден арылалы.
Өзгөлөрдүн баштарынан чөп издебей,
Өзүбүздү өстүрүүгө камыналы.





Тургулачы жакшыларым! Ойгонолу,
Тагдырларын урпактардын ойлонолу.
"Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып",
Бабалардын осуятын колдонолу.

"Бөлүнгөндү бөрү жейт,"-деп айткан алар,
Биргелешип эчен жоону чапкан алар.
Ыгы келсе бир мейизди бөлүп жешип,
Ынтымакта ырыс-кешик таткан алар.

Болбойлучу, сырты сулуу, ичи былык,
Бекитсең да баары бир ал калат чыгып.
Суук-селки сүйлөпооз көптүрбөстөн,
Сүйлөшөлү сөздөр менен сыпаа-сылык.

Ар күн сайын адамдыкты үйрөнөлү,
Арыш керип айга, күнгө, күүлөнөлү.
Теңдешсли, терең казып билим кенин,
Туусу бийик өлкөлөргө дүйнөдөгү!..

## ӨРҮКЗАР ТУРСУН КУЛПУРУП

Бакытка тунуп, өрүкзар кооз аймагым,
Белгилеп бирге, өзгөчө макам алганын.
Урмат-сый менен өткөрдү элим жадырап,
Улустун улуу күнүндө, "Нооруз" майрамын!

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487786



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Коноктор келип айтылуу жети дубандан,
Көк бөрү тартып, чыгышты кыйла кумардан.
Билегин түрүп, таймашка түшүп күчтүүлөр,
Байгесин алып, балбандар болду кубанган.

Ыр-күүлөр турду ырдалып, шаңдуу жаңырып,
Ырыстуу элдер туш-туштан келип, агылып.
Көптөрдүн бурду көңүлүн, шайыр апалар,
Көйкөлүп басып, чачына чачпак тагынып.

Калк үчүн таттуу сүмөлөк кайнап казанда,
Каадасы менен сунулду ар бир адамга.
Кубаныч- шаттык, жайнады элдин жүзүндө,
Карабай суук ызгаарга деле шамалга.

Чек ара коруп, чеп болуп турган элиме,
Чын дили менен, дем кошуп элдин демине.
Ак тилек айткан Ажонун сөзүн жалпы журт,
Алакан жайып, кубаттап турду бериле.

Ооматы кетпей, өрүкзар турсун кулпуруп,
Оңолуп өлкөм, алдыга жылсын умтулуп!
Кабылдап кудай, айтылган бардык тилекти,
Кейиткен жанды, көйгөйлөр калсын унутуп!

*24.03.2022-ж.*





## ЖЕРГЕМДЕ ТЫНЧТЫК ОРНОСУН

Эртеңим азыр бүдөмүк, тумандап жолдор,
Эсимди алат кайдагы аламан ойлор.
Чек ара деген маселе чечилбей, улам,
Чеңгелин салат жергеме сугалак колдор.

Жергемде бекем тынчтык орносо экен,
Жексурлар чырын кайталап койбосо экен.
Кырылып душман огунан чырпыктай кезде,
Кырчындай жапжаш өмүрлөр соолбосо экен.

Ар күнү атып ак таңым жаркыса экен,
Ар шакта торгой үн салып, таңшыса экен.
Тынч уктап калкым мемиреп, унутуп баарын,
Таалайдын, бактын койнунда балкыса экен.

Алаамат кербөй өрүкзар, гүлдөсүн эми,
Аталып сулуу аймагым, өрүктүн кени.
Эч качан жерин алдырбайт, анткени баатыр,
Эр Манас болот кыргыздын түпкү ата теги!

*26.09.2022-ж.*

## АЙЫЛЫМ

Тоо астында турган менин айылым,
Татынасың, таппайм такыр айыбың.
Талантымды такшалтууда өстүрүп,
Тоодой бийик сенин да бар салымың!

Коюнунда өттү сонун күндөрүм,
Күндө угуп түркүн куштун үндөрүн.
Кан-жаныма сиңип кенчи өнөрдүн,
Келечекке күүлөнүүгө үндөдүң.

Обон салып аккан тунук сууларың,
Ойноп кечип, канча жыргап куунадым.
Он айланып кыдырсам да ааламды,
Окшоштуруп сага эч жерди туйбадым.

Талаа-түзүң, тоо, сууларың баарысы,
Түрсүлдөгөн жүрөгүмдүн дарысы.
Түгөл кылып тартуулаптыр жаратман,
Тирүүлүктүн бейиш багын дал ушу!

Киндик каным тамган жерим, айылым,
Кенедей да таппай келем айыбың.
Көркөмүңдү даңазалап ыр жазган,
Көптүн бири, кыялкеч бир айымың!





## НЕ СЕБЕПТЕН

Улук, ыйык күндөрдө да тынчыбаган,
Удургутуп элди, утур тынчын алган.
Бүтпөдү го тажиктердин чыр чатагы,
Барбы деги, буларды бир тыйчу адам?..

Кайда элдин үмүт арткан жакшылары?
Калкы үчүн жанды курман чапчулары.
Сүйлөшүүдөн тыянак жок, не себептен?
Сыр түйүнүн, барбы чечип айтчулары?

Кудай гана берсе экен, жазаларын,
Карапайым элдин угуп, какшаганын.
Жоо-душмандан элин-журтун коргоп турган,
Жоокерлерди ажал, октон, сакта баарын!

Эгем өзүң жакшы күндөн суна көргүн,
Энелердин ак тилегин уга көргүн!
Кара мүртөз душмандардын таманында,
Калбасынчы тепселенип бейиш төрүм!..

## ЭР ЖИГИТ ЭЛ ЧЕТИНДЕ, ЖОО БЕТИНДЕ

Эр жигиттер силер барда тынч уктайбыз мемиреп,
Оюн ойноп, тойду тойлоп өйдө-төмөн сейилдеп.
Сактап силер мекенимдин бейкуттугун күн-түнү,
Коргойсуңар айтылгандай "Чептен эрдин күчү бек!"

Эр Манастын урпактары кылымдардан келаткан,
Эгемендүү элден болдук орун алып тарыхтан.
Чоочун бутка тебелетпей коргоп ыйык жеримди,
Антыңарга бек тургула дем-күч берсин жараткан.

"Эр жигиттер эл четинде, жоо бетинде" - дегени,
Элин сактап эзелтеден жоону жеңип келгени.
Кабар берет кыргызымдын жигиттери эл үчүн,
Ажалдан да кайтпаганын моюн сунуп эзели.

Тынчтык болсун!..Төгүлбөсүн энелердин көз жашы,
Жакшылыктан кабар берип түркүн куштун сайрашы.

Саны өсүп кыраандардын, кыйла элге таанылып,
Жер жүзүндө желбиресин кыргызымдын байрагы!..





## ТАРТ КОЛУҢДУ

Кара өзгөйлөр көз артышып жериме,
Кол салышты калың кыргыз элиме.
Эр Манастын урпактары экенин,
Эмдигиче билишпейби эмине?

Берип келген катылгандын катыгын,
Берендерим, шумкарларым, баатырым!
Тарт колуңду, тийбейт сага шүмшүктөр,
Туулган жердин күкүмү да ташынын!

Андан көрө ынтымака келгиле,
Аңдый бербей элге тынчтык бергиле.
Коңшучулук мамилени бекемдеп,
Көр тирликтин камын гана жегиле!

## ЭРКИНДИК

Кыргызстан! Сен деп согот жүрөгүм!
Ата-энемдей алдейлеген түнөгүм.
Өнүп-өскөн өлкөлөрдүн сабында,
Болооруңду көптөн тилеп жүрөмүн.

Эркиндикти каалабаган жан барбы?
Токтогул да эңсеген бул заманды.

Беш каман деп ырдап жүрүп тайманбай,
Айып тартып, сүргүнгө да айдалды.

Жусуп, Касым жана дагы жүздөгөн,
Азаматтар, акыйкатты сүйлөгөн.
Репрессия тизмесине илинип,
Шейит болуп өтүшкөн бул дүйнөдөн!

Эркиндикти эңсеп келген кыргызым,
Эр жүрөксүң, тайманбассың, мыктысың!
Өжөрдөнгөн жалын жүрөк жаштарды,
Мээлеп туруп жайлашты го тымызын..

Эл башында мен башкарам дегендер,
Элдин нанын эңшерилтип жегендер.
Мындан ары ойлошсо экен кыргыздын,
Жолборс жүрөк эл экенин кеменгер!..

Кыргыз көчү туура жолдон адашпай,
Керт башы үчүн кызмат ордун талашпай.
Элин баштап бакубаттуу жашоого,
Жеткирсе экен өзгөлөргө талатпай.

Куттуу болсун эгемендик майрамың!
Тынчтык болсун жергебизде ар дайым.
Өнүп-өскөн өлкөлөрдүн сабында,
Болооруңду жан дилимден каалаймын.





## ЭСТЕДИМ

Эстедим бүгүн жаштык кездеримди,
Эселек эрке кыял кездегимди.
Күн кечке курбу кыздар, балдар менен,
Көк музда, көк жылгаяк тепкенимди.

Чиркин ай, кандай жыргал күндөр өткөн,
Чыкпачу өмүр бою көңүл, эстен.
Тасмадай тартып койгон, бөлүктөргө,
Тартылат көз алдыма баары,четтен.

Кыз элем, кырандагы кызыл гүлдөй,
Кулпуруп өсүп турган, желге бийлей.
Жалынсаң укпайт экен өмүр чиркин,
Жарышып мезгил менен, өттү бирдей.

Кайрылбай бир саамга, зымыроодо,
Кайрат-күч кетип, денем ыдыроодо.
Азайып тирүүлүктүн баратканын,
Акырын сезимдерим шыбыроодо.

Андыктан, артыма бир көз салайын,
Асылын сөздүн издеп аңтарайын.
Кур бекер өтпөсүнчү, кайран өмүр,
Купулга толоорлук бир ыр жазайын.

Кылчайып артыма бир көз салайын,
Кылымга жашай турчу ыр жазайын!

## АКЫНДАР

Кечиргиле катуу тийсе ойлорум,
Акындарды аарылардай ойлодум.
Түркүн гүлдүн ширесинен бал жыйнап,
Адамзатка азык кылып койгонун.

Талбай иштеп кагаз бетин сыялап,
Терең ойлоп анан жасап тыянак.
Акындардын тизмектелген ырлары,
Так ушундай түйшүк менен куралат.

Гүлүн гана терип жазат сөздөрдүн,
Түпкүрүнөн казып чыгып көөдөндүн.
Жан дүйнөсү сугарылат ыр менен,
Ырлар окуп, ырга көңүл бөлгөндүн.

Так көрсөтүп ойлорунун багытын,
Төрт сап менен түшүндүрөт баарысын.
Көздөрү курч бүркүттөрдүн көзүндөй,
Көрө билген жакынын да алысын.

Акындарды мен ушундай баалаймын,
Ар убакта амандыгын каалаймын.
Акындар бул, жан дүйнөсү керемет,
Сезет, туят, көп сырларын ааламдын!





## АЯЛ ЗАТЫН КОРГОГУЛА

Эркектер ай!.. Энеңерди ойлогула!
Эс акылсыз айбандарча болбогула.

Ургаачысын көргөн жерде баса калган,
Уяты жок!.. Ошон үчүн алар айбан.

Оо эркектер!..Зөөкүрлүктү токтоткула!
Опол тоодой затыңарга окшошкула!

Кулак-мурдун кансыратып кескилебей,
Керексиз бир буюмдарча тепкилебей...

Силерди да эне төрөп, эне баккан!..
"Садагам!" - деп, эртели-кеч мээрим чачкан.

"Бел кубатым, чоңойгондо багаарым!" - деп,
"Беделдүү бир эл ишине жараарым" - деп.

Бир кумалак бир карын май чириткендей,
Бир тамчысын калтырбастан ириткендей.

Араңардан жарабастар чыгып жатат.
Акылга эч сыйбас ишти кылып жатат...

Зордукташып жаш наристе, секелекти,
Эне сүтү али оозунан кете электи.

Баёо, таза сезимдерин талкалашып,
Байкуштардын келечегин балталашып.

Оо эркектер!..Напсиңерди тыйгылачы.
Ой жүгүртүп эсиңерди жыйгылачы!

Аял эне!.. Кызың!.. Жарың!.. Ойлогула.
Аялзатын кордобостон, коргогула!..

Энеңерди, кызыңарды ойлогула.

*16.10.2023-ж.*

## МЕНИН АПАМ

Менин апам көөдөнү кең… Деңиз эле!..
Мүнөзү да бир калыпта, тегиз эле.
Ушак-айың, гыйбат сөздү жактырбаган,
Ушунусу менен көптөн эгиз эле!

Көмөкөйүнөн бал сөздөрү агып турчу,
Көздөрүнөн мээрим нуру тамып турчу.
Бал боорсогун, май-каймагын белен кылып,
Берекелүү дасторконун жайып турчу…

Эптүү эле… Колдору гүл чебер эле,
Эңсөөбүздү айттырбастан сезер эле.
Кубандырып баарыбызды майрам сайын,
Кийимдердин түрүн тигип берер эле.





Көп ойлонуп аз, маңыздуу, сүйлөйт эле,
Келжиректи, көйрөңдөрдү, сүйбөйт эле.
Ким бирөөнүн кемчилдигин байкаса да,
Келекелеп артынан эч күлбөйт эле.

Күйпөлөктөп таңдан кечке тынчыбаган,
Ысып кетсек желпип, тоңсок кымтылаган.
Баарыбызга берген таасын тарбияны,
"Болгула" - деп, "Ар-намыстуу, чынчыл адам!"

Ажал бизди апабыздан ажыратты.
Адаштырып арабыздан алып качты.
Кала бердик боздоп, ыйлап, буйрук экен,
Көрөт тура пенде, ченеп берген жашты.

Улутундук, узак өмүр сүрбөдү деп,
Уул-кызынан урмат көрүп жүрбөдү деп.
Ар күн сайын жараткандан тиленебиз,
"Апакемдин бейиш болсун үйлөрү!"-деп.

"Жайы жаннат, бейиш болсун үйлөрү" - деп.

## ЖАПЖАШ БОЙДОН ЖҮРӨЛҮ

Жапыс, эски тамда жашап жатсам да,
Жылдыз самайт, кыялдарым асманда.
Кереметтүү Поэзия ааламга,
Келип калдым алтымыштан ашканда.

Туура, ооба, бала бактым түйшөлдүм,
Түйшүгүндө куу турмуштун күүшөлдүм.
Көр тирилик көргөздү го далайды,
Кээде ыйлап, кээде жыргап күн көрдүм.

Ыраактатпай ошондо да өзүмдөн,
Ыр дүйнөнү чыгарбадым көңүлдөн.
Бул мен үчүн ыйык сезим өзгөчө,
Бирге жашап өтө турчу өмүрдөн.

Тамчыласа таңдайымдан сөздөрүм,
Тизе салсам бошой түшөт көөдөнүм.
Кыналышып сүйлөп турса саптарым,
Кубанычтан жайнап кетет көздөрүм.

Ырларымда менин бардык сырларым,
Ырахатым, арманым да, жыргалым.
Кабатырмын, калк ичинде кадыр таап,
Колдон түшпөй окулса деп ырларым.

Тентек кыял! Тепкиленбе, түкүрбө!
"Картайдың" - деп маанайымды түшүрбө.
Жапжаш бойдон жүрөгүм да, сезимим,
Так он сегиз жаштагыдай күчүндө!.

*13.10.2023-ж.*





## АГЫЛАМ

Толкуп ташкан ыр дайранын шарынан,
Таасирленем тээ балалык чагыман.
Азык алып жан дүйнөмө түгөнгүс,
Албууттанып мен да кошо агылам!

Керексиздей кээде, жээкке сүрүлүп,
Кеткенимде, бир аз кетем түңүлүп.
Кош дегенге көңүл кыйбай такыр, эч,
Кайра баштайм билектерим түрүнүп.

Калем алдым картайсам да колума,
Карылыкты илбей такыр оюма.
Кудай өзүң бере көр деп күч, кубат,
Кыйын ишти арттым арка жонума..

Жакшы ырларым тизмектелсе куралып,
Жайнай түшөм жаш балача кубанып.
Карбаластап тилейм ичтен тымызын,
Кетпесин деп өңү өчүп, кубарып.

Мен жашоого жаңы келген баладай,
Магдыраймын ууз эмгенсип аябай.
Ыр дүйнөнүн деңизинде калкылдап,
Ырахатка батам кумар тарабай..

Төрөлүп мен эми гана келгендей,
Таттуу сүтүн энекемдин эмгендей.
Термелемин жаным жыргап, жай алып,
Тагдыр сунган сыноолорду жеңгендей!..

## МЕН

Мен жөнүндө кимдер кандай пикирде,
Мага ал сыр, не бар пенде ичинде?

Бирок менин тилегим ак дайыма,
Бир бооруma, бөлөк-бөтөн, баарына.

Алла таала буйругунан жаралган,
Адам ата, Обо энеден таралган.

Бир тууганбыз, динибиз бир мусулман,
Бабалардан бери карай тутунган.

Ак жеринен каралоого бирөөнү,
Акыбыз жок, башка үйүп күнөөнү.

Ошон үчүн ар ким кылса өзүнө,
О дүйнөдө жооп берээр сөзүнө.

Башка урса кимдер мени таш менен,
Берип келем жообун таттуу аш менен.

Коймоюм бар ажаандарга теңелбей,
Кажылдашса кенебей да, кебелбей.





## ЫР БОЛУП КЕЛЕТ ТӨГҮЛГҮМ

Бул жарык жашоо ааламда тапкан байлыгым,
Балдарым, анан ырларым! Ансыз жардымын.
Ушулар барда жашоом келет уланып,
Унутуп салып заматта баарын кайгынын.

Поэзия сен, өзөгү болдуң өмүрдүн!
Перидей гана кулпуруп мага көрүндүң.
Өзүңсүз эми жашоонун жоктур маңызы,
Өзүңсүз такыр кызыгы болбос өмүрдүн!

Ырларда жашап, ыр менен өссүн көңүлүм,
Ырларым менен чыйралсын калган өмүрүм.
Ар таңда эргип, тилегим айтып журтума,
Акактай тунук ыр болуп келет төгүлгүм!

## КАРТАЙГАНДА БЕРСИН КУДАЙ ДӨӨЛӨТТҮ

Ар пендеге келет бир күн карылык,
Адашпайт ал калбайт дагы жаңылып.
- Өх! - деп коюп өрдөй берет өмүрүң,
Өкүнүчтө, өткөн күнгө зарыгып.

Акырындан алат күчтү белдеги,
Акыл-эсти, ай-чырайды сендеги.
Байкатпастан жаштыгыңды бекитип,
Багындырат мыйзамына пендени.

Карылыка жетпеген бар, жеткен бар,
Кадырлабай кут-ырысын тепкен бар.
Карап бакпай кандан бүткөн балдары,
Карылардын үйүн көздөй кеткен бар.

Улуулардын нарк-насилин унуттук,
Уялбадык, уялтпастан куруттук.
Сый-урматтан жардыланды жан дүйнө,
Сактабастан ар-намысты унуттук!

Акылга эч сыйбас ишти баштаган,
Ата-энесин ай талаага таштаган.
Кыргызымда болгон эмес, болбосун,
Картайганда өз үйүнө батпаган.

Ата-энени ардактаган балдар бар,
Арабызда жок эмес бар андайлар.
Ажылыкка ыйык Мекке шаарына,
Алпарышып ак батасын алгандар.

Картайганда берсин кудай дөөлөттү,
Келбетине куп жарашкан сөөлөттү.
Буюрса экен ар пендеге алдешттеп,
Балдарынан урмат-сыйды көрмөктү.





## ТАГДЫР

Тагдыр, тагдыр, таарынтпачы кайрадан,
Тилегим көп көкүрөктө, кайнаган.
Аман коюп, жолдорумду шыдыр кыл,
Алып салып чынжырыңды, байлаган.

Ар кандай бир сыноо берип, кыспагын,
Ансыз деле сызыгыңдан чыкпадым.
Кайрап, бүлөп, калемимди кайрадан,
Кеч болсо да ыр дүйнөгө ыктадым.

Тагдыр, тагдыр, тамашаңды салбагын,
Тайгалантып кайра буттан чалбагын.
Айкөлдүк кыл, акылымды толуктап,
Арбытайын ырларымдын салмагын.

Тизмектейин улам өйдө талпынып,
Тоодой жүгүн акындыктын артынып.
Тизмесинде улуулардын, ысымым,
Турса кана, урмат менен айтылып!..

## ӨМҮРГӨ КАЙРЫЛУУ

Ар пендени кызыктырып арбайсың,
Ар башкача сезим берип жандайсың.
Жакшысына жармаштырып, жаманын,
Жашоо үчүн шыктандырып, алдайсың.

Мүнөттөрүн кетээр күндүн айтпаган,
Мүнөзүң бар эч бир артка кайтпаган.
Билбей жүрүп качан жалп деп өчөөрүн,
Бул жарыктан кетип жатат, канча адам.

Өзүң барда өнүп-өсүп гүлдөйлү,
Өтүп кетсең кайра өкүнүп жүрбөйлү.
Алтын бактын аман-эсен барында,
Ар бир саат, мүнөтүңдү сүйөйлү!..

## АЖАЛГА КАЙРЫЛУУ

Өмүр менен бирге жүрүп, талбайсың,
Өтүп дагы кетпейсиң, же калбайсың.
Бирин оттон, бирин суудан, деп туруп,
Билдирбестен ташбоорлонуп жалмайсың!..

Кайда болсо аңдып, тоорууп, жүрөсүң,
Канчоосуна жетишесиң бир өзүң.
Жараткандан буйрук келсе, заматта,
Жан алууга билегиңди түрөсүң...

Ашыгып сен суук колуң салбай тур,
Арадан же картаңдарды тандай тур.
Жаштар менен кырчылдаган, жана да,
Жаңы келген бөбөктөрдү, албай тур!..





## КОШТОШУУ

Эстей берем ошол күндү өзгөчө,
Болбойт тура буюрганды көрбөсө.
Апам менен түбөлүккө коштошуп,
Ыйлаганбыз көз жаш төгүп, көлдөтө…

Апакемди өлүмгө эч кыйбадым,
Түшүм болуп калса экен деп ыйладым.
Айла такыр жок турбайбы ажалга,
Ыйлап, сыздап, кала берди кыздарың.

Балам жесин, балам ичсин деп жүрүп,
Баарыбызды эрезеге жеткирип.
Уул-кыздын урмат-сыйын көрөөрдө,
Таш боор ажал колдон жулуп, кетти илип…

Ар күн сайын эстейм апа өзүңдү,
Көргүм келип мээрим чачкан көзүңдү.
Адам бол деп, айткан асыл сөздөрүң,
Аруулука үндөп турат өзүмдү.

Чын үйүңүз бейиш жайда курулсун,
Пайгамбарым (с.а.в.) шапаатынан буюрсун.
Жараткандын мээримине чулганып,
Күнөөңүздүн бири калбай жуулсун!..

## ЖҮРӨМҮН КӨПТҮН БИРИНДЕЙ

Арманым болбой, ардагым болоор бекен деп,
Ар мүнөт сайын тилегим айттым бекемдеп.
Түйүнүн такыр чече албай түмөн ойлордун,
Түңүлдү жаным, бири кем дүйнө экен деп…

Баарынан кечип, басып да туруп кетмекмин,
Бирок да анан кайда учуп, кайда жетмекмин?..
Үйрүлүп баккан балдарым турса мончоктой,
Үмүтүм үзүп аларды кантип кечмекмин?..

Болбосо мейли, жубайдан жолум болбоптур,
Бөксөргөн көңүл… Көксөгөн менен толбостур.
Арка бел болоор балдарым аман болсунчу,
Аларсыз менин бул дүйнөм түгөл болбостур!

Күн өткөн сайын, токтобой мезгил арылап,
Күндөрдүн сонун, келээрин күтүп ар убак.
Жүрөмүн көлдүн четинде, көптүн бириндей,
Жүрөктү сүйкүм ырларым менен дарылап!..

## АКЫНДЫК ЖҮК

Түйшүк тартам… Маңдайымды тердете…
Тынч тура албай, кантем?.. Жүрөк дегдесе…
Туйгуларым тынбай жасап төңкөрүш,
Түнү уйку, жанга тынчтык бербесе…





Көөдөнүмдөн көзгө басаар ыр чыкпай,
Кыйнайт мени кыялдарым… Тынчытпай…
Берметтерин издейм сөздүн, алдастап,
Балапанга жем издеген чымчыктай…

Туралбайм эч, шилтемейин каламды,
Таразалайм, байкоо салып чамамды.
Акындык жүк, оор тура салмактуу,
Азаптантып кыйнай берген адамды!..

## ОШОЛ БАКЫТ

Бул жашоодо өйдө-ылдый жолду басып,
Бар ырысты биргелешип, кошо татып.
Жакшы сөздөн азык берип жан дүйнөңө,
Жандап жүрсө жан жолдошуң, ошол бакыт!

Эң кымбатың балдарыңа койнуң ачып,
Эркелетсең эрте-кечте мээрим чачып.
Түндүгүңдөн түтүн булап, дүйнөң түгөл,
Турса дайым тирүүлүктө ошол бакыт!

Кээде бороон, кээде көлдөй толкуп-ташып,
Сезимдериң турган кезде көлкүп-балкып.
Жашыл арча сыяктанган, түк картайбас,
Жакшы ырларды жазып койсоң ошол бакыт!

Жабалактап жакшы ойлор келип турса,
Жанды эргитип өзгөчө шык берип турса.
Ар күн сайын өйдөлөөнүн өзү бакыт,
Жамандыкты амандыгың жеңип турса!

## ӨЗҮМДҮ СҮЙӨЙҮНЧҮ

Жан дүйнөмө төңкөрүш жасайынчы,
Жабыркаткан ойлордон качайынчы.
Узак сүрүп дөөлөттүү өмүрүмдү,
Урмат-сыйга чөмүлүп жашайынчы.

Барктап эми өзүмдү сүйөйүнчү,
Башты өйдө көтөрүп жүрөйүнчү.
Өнөр жолдо өрнөктүү эмгек жасап,
Өйдөлөөгө билекти түрөйүнчү!

Тирүүлүктүн кадырын билейинчи,
Тумар кылып көңүлгө илейинчи.
Ишеничтүү алдыга кадам шилтеп,
Ийгилигин ишимдин тилейинчи.

Катаал, жаман мүнөздү жоёюнчу,
Көлдөй чалкып, мээримдүү болоюнчу.
Кастарды да, артымдан таш ыргыткан,
Кудай үчүн!.. Кечирип коёюнчу!..

## ТАПШЫРДЫМ

Оо! Мен да селки болгомун,
Он сегиз жашка толгомун.

Ашыктык, сүйүү ырларын,
Аргендей үндө созгомун.





Жаркылдап күлүп ойнодум,
Жароокер атка конгомун.
Комузум алып колума,
Канча ирет күүлөп, толгодум…

Жар жарды бойлоп секирип,
Жашынмак ойноп бекинип.
Чарчабас күндөр өттү эми,
Чакчаңдап жүргөн эсирип.

Аттиң, ай! Жаштык курагым,
Ачылган гүлдөй убагым.
Адашып калып өзүңдөн,
Айламды таппай турамын.

Кыт-кыттап күлүп кыр улап,
Кырандан терип гүл бурак.
Ойногон, күлгөн күндөрдү,
Олтурам ойлоп, туңжурап…

Тагдырдын көндүм ыгына,
Такшалдым сыйы, чырына.
Табылгыс кайран жаштыкты,
Тапшырдым уулум, кызыма!..

## КАРАСАМ ТООНУН ГҮЛДӨРҮН

Жашылдан килем жайылган,
Кыр-кырга текши салынган.
Көк, сары, кызыл гүлдөрдөн,
Кооздоп сайма сайылган.
Жайлоонун көрүп көркөмүн,
Чайыттай көөнүм ачылган.

Көп жылдар мени тоорuган,
Көк жөтөл менен ооругам.
Аралап арча, кайыңын,
Айыктым ошол оорудан.
Кудайга чексиз шүгүр деп,
Кутулгам ажал торунан.

Гүлдөрдүн түрү жайнаган,
Ажайып кооз айланам.
Бейиштей болгон жериме,
Суктанып кайра кайрадан.
Карасам тоонун гүлдөрүн,
Караган сайын арбалам.

Шаркырап аккан суулары,
Мөлтүрөп тунук булагы.
Ан сайын көңүл көтөрөт,
Тоосунда сайрап улары.
Арчалар, кайың карагай,
Жайлоонун көркү бул дагы.





## АДАМ КЫМБАТ

Өмүрү адамзаттын, кымбат турат,
Өзүнө тартууланып, бир берилген.
Өткөн соң, аны ала албайт эч ким сурап,
Өкүмү жараткандын, бар чегилген!..

Жакшылык, кубанычты бөлүшкөнгө,
Жатындаш, жоро, тууган баары керек.
Жарылып агынан сыр төгүшкөнгө,
Жан шерик болуп демек адам келет..

Жанчылып жан дүйнөсү азаптанып,
Жабыркап ден соолугу турган кезде.
Кимдидир күтүп, самап, карек талып,
Жардамга муктаж болот ушундай келсе..

Андайда адам турса алың сурап,
Арнашып жылуу сөздөн маек куруп.
Жардамы тийет жанга, болуп кубат,
Жаман ой, санааларды алыс кууп…

Адамга, адам кымбат!.. Бул өмүрдө,
Аманат жандар кетет бир күн учуп.
Баш ийип ар бир пенде ак өлүмгө,
Баарысын, жер бооруна алат жутуп!..

Андыктан тирүүлүктүн баркын билип,
Унутпай адамдыкты жүрүү керек.
Ыйманды баарынан да көп бийик,
Өмүрдү таза, адал сүрүү керек!..

## БУЛ МЕНДИК

Кимдигим, ким бирөөнү кызыктырып,
Кайрылып "Кимсиң?" - десе, эгер мени.
Ырасын айтат элем апкаарыбай,
Ыр үчүн төрөптүр деп, энем мени!..

Бул мендик, мага гана ыроолонгон,
Буйругу жараткандын кудуреттүү!..
Өзгөдөн бир азыраак айырмалуу,
Өзгөчө таза сезим, идиректүү*!..

Ар дайым кошо жүрөт өзүм менен,
Айланып тамырымда, жүрөгүмдө.
Антташкан ашыктардай, ажырагыс,
Бир болуп, бирге жашайт бир өмүргө!

Кудайга чексиз шүгүр!.. Өкүнбөймүн,
Жаралып бул өмүргө келгениме.
Энчилеп, азабы да жыргалы бар,
Эскирбес өнөр, шыкты бергенине!..

* Идиректүү – жөндөмдүү, сезимталдуу деген мааниде.





## ТААЗИМ КЫЛАМ

Эне болуп мен өзүм байкап турам,
Эстеп улам эмгегиң, алкап турам.
Канаттууга кактырбай калкалаган,
Кайратыңа апакем, таазим кылам!

Сегиз бала эстүргөн түйшүк тартып,
Сан-эсепсиз уйкусуз таңдар атып.
Адам кылдың апаке баарыбызды,
Ат көтөргүс мойнуңа түйшүк артып!

Күндөй ысык көктөгү тийип турган,
Күндүр-түндүр элжиреп ийип турган.
Магдыраткан жанымды жай алдырып,
Мээримиңе апакем, таазим кылам!

Элесиңди эскерип дуба кылам,
Эгем кабыл кылуусун, сурап улам.
Жаннат болсун жайыңыз жаным апам!
Жардам кылып жараткан, тийсин дубам!

## АРЧА БЕШИК

Ак өргөөсү наристенин, аталган,
Арча бешик, аздектелип жасалган.

Ак мамыкта жылуу, жумшак, жат бөбөк,
Алдей угуп ак сүт берген апаңдан.

Кайырма:

Арча бешик термеле бер күнүгө,
Алдейлеген апалардын үнүнө.
Термеле бер, термеле бер күнүгө,
Алдейлеген энелердин үнүнө.

Бешик бооңор бек болсун, деп айталы,
Бал боорсоктон чачыланы, чачалы.
Бек болоорун ким билет деп айтышат,
Бешиктеги, балканактай баланы.

Бек болсо да, калыстыктан кайтпаган,
Болсун дейли, жаман жолго баспаган.
Бекем болуп ден-соолугу берендин,
Бүт өмүрүн эл-журтуна арнаган.

Курманжандай эне болсун кайраттуу,
Кас-душманга жол бербеген айбаттуу.
Калкы үчүн кара жанын карч уруп,
Канчалаган күндү көргөн азаптуу.

Ата-бабам колдоп келген жөрөлгөм,
Ден-соолугу сак болууга өбөлгөм.

Ай-ааламга аты чыккан асылдар,
Алдейленип ак бешикте, көгөргөн!





## АЯЛ БААТЫР

Аял-эне!.. Аял назик, сулуу, жар...
Аялдар бар бул ааламда сүйүү бар.
Кара түндү жарык кылаар, аларда,
Айдан жарык, күндөн жылуу, нуру бар.

Аял-баатыр!.. Он баланы төрөгөн…
Алдей айтып ак бешикке бөлөгөн.
Атса дагы эчен таңы уйкусуз,
Анда деле эч кыйналдым дебеген…

Он балага он башкача толгонот,
Торолгончо канча азап жеп ойлонот.
Көзү өткөнчө аяйт ар бир баласын,
Желип өткөн желден дагы корголоп!..

Улам төрөп, улам бирин өстүрүп,
Эмгек менен эрезеге жеткирип.
Элес албай суудай аккан жылдарды,
Билбей калат өңү өчкөнүн, эскирип.

Бекем кармап, татаал турмуш туткасын,
Куттуу үйүнүн берекеси учпашын.
Каалап келет, кайыл болуп баарына,
Билсе дагы утуп, кээде утпашын…

## КӨӨНӨРБӨГӨН БАЙЛЫГЫМ

Ырларымды балдарымдай сүйөмүн,
Ырахатын көрөм го, - деп жүрөмүн.
Торолгончо тынч ала албай жүрөгүм,
Түндүр-күндүр чыйпылыктап, күйөмүн.

Тандап сөздүн берметтерин черткилеп,
Тамшандырчу таттуулардан сепкилеп.
Тыңыраак ыр жазайын деп элчилеп,
Таңда, кечте, эргүү күтөм "келчи", - деп.

Толбосо да көр дүйнөгө капчыгым,
Толсо экен дейм жакшы ырларга баштыгым.
Камырабай кечип деңиз ташкынын,
Келет менин тереӊ сүзүп чапчыгым.

Ырга салам Ала-Тоолуу жеримди,
Ырыс-бактуу, намыска бек элимди.
Эсеби жок толгон-токой кенимди,
Эр Манастай баатыр ата тегимди!

Ырларым бар көөнөрбөгөн байлыгым,
Ырастоочу бул жашоомдун кайрыгын.
Көктөн түшкөн жагымдуу ак жамгырым,
Кубалачу, бирин койбой кайгынын.

Жазыла бер жакшы ырларым, байлыгым...





## АКЫН БОЛУУ

Акын болуу ойдон-ойго чырмалуу,
Азаптануу, толкундануу, кыйналуу.
Мезгил менен кошо алга талпынган,
Наристедей күндөн-күнгө чыйралуу!

Таттуу кыял, сезимдерге чөмүлүү,
Толкуп кээде, жамгыр сымал төгүлүү.
Ийне менен кудук казган өңдөнүп,
Изденүүдөн талбай, улам өнүгүү!

Анан дагы түйшүк тартуу, күнү-түн,
Ак барака жазып толгон үмүтүн.
Көөдөндөгү кубанычын, сүйүүсүн,
Кээде жазып кайгы-муңун, күйүтүн.

Акын болуу эмгектенүү, эселеп,
Эргүү жок деп чыга качпай, чекелеп.
Алгаласа алптар турчу сепилге,
Арзуулары алып барар жетелеп!

## АК ТИЛЕК

Катуудан тиш, жумшактан ич оорубасын,
Калкыбызды жаман илдет тоорубасын.
Каш-кабактын ортосунда кырсык каптап,
Кырчынында жаш өмүрлөр соолубасын.

Эч бир эне көз жаш төгүп ыйлабасын,
Эт жүрөгүн эзип кайгы чырмабасын.
Ыйман-ырыс уяласын ар бир үйдө,
Ыркы кетип бир да бүлө кыйрабасын!

Түндүгүнөн үйүбүздүн түтүн булап,
Турсун дайым тирүүлүктүн көчүн улап.
Жер жүзүндө тынчтык өкүм сүргөндүгүн,
Жар салышсын акындар бүт ырын курап.

Ыйман жолго үндөп турсун аталарым,
Ырыс-бактуу элге берип баталарын.
Калктын камын көрүшсө экен эл башчылар,
Кайталабай мурункунун каталарын...

## БААРЫН БИЛ

Адамсыңбы? - Адамча жүрүүнү бил,
Аруу, таза акактай сүйүүнү бил.
Ыдыратпай бүлөңдү, камкор болуп,
Ынтымактуу өмүрдү сүрүүнү бил.

Бул өмүрдүн аманат экенин бил,
Бул күндөрүң кайрылбай кетээрин бил.
Ачуу душман! Акыл дос! - Акылга түй,
Ачуу акыр түбүңө жетээрин бил.





Шайтан арттан акмалап жүрөөрүн бил,
Шаштыңды алып, шарактап күлөөрүн бил.
Азгырылбай тандасаң адал жолду,
Аллах төгүп мээримин, сүйөөрүн бил!

Ата-энени кадырлап барктоону бил,
Апакеңдин ак сүтүн актоону бил.
Алдап бузаар, арам ой пенделер көп,
Ак-караны аныктап, тактоону бил.

Адал иштен баар таап жашоону бил,
Албан мыкты ийгилик жасоону бил.
Жакшылыгын арнаса сага бирөө,
Жооп кылып жылмайып алкоону бил.

Адамсыңбы? - Адамча жашоону бил!

## БЕШ МАНЖАБЫЗ ТЕҢ ЭМЕС

Билсең пендем беш манжабыз тең эмес,
Бирөөлөр бар өзүн жанга теңебес.

Өжөрдөнүп өз оюн эч бербеген,
Өзүн бийик сезген бардык пендеден.

Бирөө жүрөт сыздап бала багалбай,
Бараар жолун, багыттарын табалбай.

Кенен-кесир ашка жетпей тапканы,
Карандай бир чай, нан болуп татканы.

Эңсеп үнүн наристенин, жетпеген,
"Эне" болуу бактысынан четтеген.

Медер тутаар туягы жок артында,
Муң, зар менен жүргөндөр бар калкымда.

Жүрөгүндө уялаган ыйман бар,
Жаман жолдон өз аягын тыйгандар.

Мактоо алып сый үстүндө жүрүшөт,
Маңыздуу да, таттуу өмүр сүрүшөт!

Арам ашка бекер тоюп семирген,
Адам баркын билбей көпкөн, элирген.

Кайырсыздар жүрөт ашап тойбогон,
Карапайым калкты ойлоп койбогон.

Канча жандар чындык издеп таппаган,
Карайлашып өмүр бою какшаган.

Жетеленип куру үмүткө алданып,
Жетээр-жетпес маянага жан багып.

Бир тууганга мээрим төкпөй жүргөн бар,
Биротоло мамилесин үзгөн бар.





Бир атадан тараганын ойлобой,
Бирин-бири жөлөп-таяп колдобой.

Жакшылар көп шүгүр айтып жашаган,
Жакшы иштерди арты-артынан жасаган.

Ата-Журттун ар-намысын коргогон,
Ар өлкөдө алкыш албай койбогон!

Баарыбыз тең окшошкон бир пендебиз,
Бирибизден кем же ашык, эмнебиз?

Жалгыз гана айырмалайт пендени,
Жүрөгүндө ыйманынын деңгээли!

## ӨМҮРҮМДҮН КҮЗҮ КЕЛДИ

Жазды көрдүм жадыраган, жайнаган,
Жаным жыргап, жашылданып айланам.
Жап-жаш элем тал чыбыктай буралып,
Жигиттерди бир көрүүдөн арбаган!..

Жаз да өттү оюн-күлкү, ыр менен,
Жашоо, турмуш, көйгөй эмне? билбеген.
Ата-энеңдин коюнунда, өмүрдүн,
Сонун кези ошол экен гүлдөгөн.

Жаздан кийин жай турмушка аттанып,
Мөмө байлап, бутак жайып шактадык.

Көр тирилик көйгөйүнө малынып,
Өзүбүздү тулпар кылып таптадык…

Жайды жайлай көрдүк далай кызыкты,
Бирде суутуп, бирде кайра ысытты.
Баалуу күндөр өттү бирок унуткус,
Сездирбеген суукту да ысыкты…

Өттү күндөр көзгө илинип, илинбей,
Өмүрүмдүн күзү келди билинбей.
Берекелүү болсо экен деп күз айым,
Тилеп жүрөм мен да көптүн бириндей.

Жаркылдаган кылычы бар колунда,
Ызгаар, суук, кары да бар жонунда.
Күздөн кийин кыш келээри анык, чын,
Бассам турсам ошол менин оюмда…

Кудай деймин, келмем дайым оозумда...

## АДАМЗАТТЫН БАКТЫСЫ

Бактылуумун! - Эл ичинде аманмын,
Балким жакшы же кимгедир жаманмын.
Арабамдын жүгүн артпай эч кимге,
Аста гана кылдыраткан адаммын.

Бактылуумун! - Ала-Тоолуу элденмин,
Бейиш сындуу, көрктүү кооз жерденмин.





Сөзгө сөлпүк, кепке кемтик жан эмес,
Сөз берметин терип атаар мергенмин.

Бактылуумун, баары сонун өтүүдө,
Баракталып өмүр улам өчүүдө.
Шүгүр кылам уул-кыздарым үй күтүп,
Ширин, таттуу неберелер өсүүдө.

Бактылуумун, алты сан соо башкысы,
Бир тууган бар, достордун көп жакшысы.
Апакелеп сыйлап турат балдарым,
Адамзаттын ушул го чоң бактысы!

Бактылуумун! - Колумда бар каламым,
Бул менин эң баасы бийик жарагым.
Жорголосо эки кылбай сөзүмдү,
Жан дүйнөмдүн орундатат талабын!

## СЫЙМЫГЫБЫЗ УШУЛАР

Ата-журтум, менин ыйык мекеним,
Айталбаймын азыр тап-так эсебин.
Табиятың таптап, күүлөп, дем берип,
Таланттуунун өстүргөнсүң неченин!

Тоо булбулу Токтогулдан баштасам,
Туура келбес Эшмамбетти айтпасам.
Алымкулдай, Женижоктой, Шаршендей,
Аталарды эскеребиз ар качан.

Санак жетпейт залкарларды санасам,
Санай берип санагымдан адашам.
Кыргыз элим кыраандарга бай тура,
Карт тарыхтан байкаштырып карасам.

Алыкулдун, Байдылданын, Мидиндин,
Ажайып бир саптарына тигилдим.
Сүңгүп кирип керемет ыр дүйнөнүн,
Сыйкырына бир чайынып, кириндим.

Берендердин бирин айтсам бири бар,
Бүт баарынын артында өчпөс изи бар.
Сактап келген урпактарга, көөнөрбөс,
Сөз байлыкты, сыймыгыбыз ушулар.

## АЛП АКЫН

**(Алп акын Байдылда Сарногоевдин элесине)**

Ысымы анын… Аттын кашкасындай!..
Ырлары тоонун жашыл арчасындай.
Картайбайт, өңү өчпөйт, кылымдарга,
Курч… Өткүр... Баатырлардын найзасындай!..

Кулуну кең Таластын, көрөңгөлүү,
Калтырды канча эмгегин, өбөлгөлүү.
Ашуудан берген анын отчётунда,
Айтылган көп иштери жөрөлгөлүү.





Куйкум сөз, тамашакөй, экендиги,
Сөз тапкан чукугандай, чечендиги.
Айтылат кымыз жыттуу ырларында,
Кыргызга сүйүүсүнүн бекемдиги.

Саптары оргуштаган дайра сымал,
Сулуулап саркечтелген саймасы бар.
Жыпар жыт аңкып турат окуганда,
Жан азык, жан дүйнөгө пайдасы бар.

Ал ошол... Өзү жазган "Жаман сары!"
Ачылган улуу жолдо, таалай, багы.
Эрмектеп эскеришет ыр саптарын,
Эл-журту, эчен жылдар өтсө дагы...

Кыраанын Байдыкемдей, кыргыз эли,
Унутпайт сансыз кылым өтсө дагы!..

## АЛП КЕМЕНГЕР

**(Алп акын Какен Алмазбековдун элесине)**

Ырларынан окуп Какен атанын,
Ырахатка терең балкып батамын.
Кадимкидей кубат алып жаныма,
Көңүл кушум сергий түшөт, жазыла.
Кууп салып бирин койбой капанын!..

Алп, кеменгер Шалта айылында төрөлүп,
Ата-эненин мээримине бөлөнүп.

Талант, шыгы жаштайынан билинип,
Өскөн экен эл көзүнө илинип,
Өнөр жүгүн артып алып, өңөрүп…

Жүрөктү эзген армандарын, дастанын,
Жүрөгүнөн элдин, түнөк тапканын.
Кимдер билбейт "Чагылганы" жаңырып,
Жүрөктөргө жылуу сезим жагылып,
Унутулбай дале келе жатканын…

Канат байлап ырлары элге таралып,
Канчалаган мыкты обондор жаралып.
Таңшып ырдап, анын мукам ырларын,
Таалай-багы ачылыптыр кыйланын,
Какем эмес башка адамдар бааланып…

Курч, кылычтай саптары анын керемет!..
Койгон өңдүү ташка тамга чегелеп.
Кылымдарга өчпөй турган ыраңы,
Кем калышпайт бир-биринен чырайы,
Жан дүйнөгө сүйүү гүлүн себелеп.

Жүрүшсө да ак эмгегин баалашпай,
Жүрүптүр эч атак-даңк да талашпай.
Асыл сапат адамдыгын жоготпой,
Акыл-эсин жамандарга коротпой,
Алган ошол багытынан адашпай.

Көзү барда жээрип аны келишкен,
Кызганышып бийик наамды бериштен.
Кантсе дагы калыс карап, чайпашып,





Калеми курч кыраандыгын байкашып,
Калкы эчак "Акын" наамын беришкен!

Эми мына ардакталчу кез келип,
Эл-журт турат бүгүн аны эскерип.
Токсон жылдык маарекесин белгилеп,
Той өткөрчү учур, мезгил келди деп,
Эмгектери аныкталып, тескелип…

*06.03.2024-ж.*

## ТИРҮҮСҮҢ

Алыкул, акындардын арыстаны!
Кылымда өчпөс изиң, тарыхтагы.
Сезилет ырларыңдын саптарынан,
Сезимтал жүрөгүңдүн кагыштары.

Тагдыр да ташбоорлонуп, сыртын салып,
Тороптур туш тараптан, тузак жайып.
Гүлдөгөн отуз беш жаш курагында,
Шум ажал кеткен экен, колдон алып.

Кейиткен, титиретип жүрөктөрдү,
Күйүтүң күчтүү экен, жүрөктөгү.
Аттиң ай, жазылбастан кошо кетти,
Керемет канча ырдын түрмөктөрү!

Аяган ата журтун, улуу акын!
Угулду жер жүзүнө, атак-даңкың.

Жетелеп жеткирди го, бийиктике,
Кыраңда пайда болгон ак боз атың!

Котормоң, сан-эсепсиз эмгектериң,
Арнадың, шорголотуп маңдай териң.
Тирүүсүң сен түбөлүк, кыргыз барда,
Жашайсың жүрөктөрдүн ээлеп, төрүн!

## ЭЛМИРБЕКТИН ЭЛЕСИНЕ

Көлдөй чалкып, толкуп турган чагы эле,
Кеп-сөзгө бай, көрөңгөлүү жан эле.
Авазы да "Булбулундай", - мукамдуу,
Ар тарабы бир-бирине шай эле!..

Бой келбети салабаттуу көрүнүп,
Бермет сөздөр таңдайынан төгүлүп.
Суктандырчу, жамактары жуурулуп,
Сулуу кыздын чачтарындай өрүлүп…

Сахна дагы чыгаар эле көркүнө,
Сымбатына, көркөмүнө, көшүлө.
Магдырашып угаар эле келгендер,
Маани берип, айтылган ак сөзүнө.

Казак, кыргыз, бирге айтыш курганда,
Күйөрмандар колду чаап турганда.
Көр турмуштун көйгөйлөрүн унутуп,
Калышчу эле кошо батып жыргалга…





Айтаар эле акыйкатты бет маңдай,
Элдин жерин ээлеп алган, гектарлай.
Көпөстөрдү, көзү тордоп жүрүшкөн,
Калкы менен эсептешпей эч кандай…

Жүргөндөрдү, үй-жайы жок канчасы,
Үй куруугa келбей чарпы-чамасы.
Иштесе да бөтөн жерде ай, жылдап,
Жер алууга жетпей тапкан акчасы.

Ырдачу эле ийине ал жеткирип,
Чор тамандар жүргөндүгүн эзилип.
Багуу үчүн ата-энесин, бүлөсүн,
Четте иштеп, тамандары тешилип.

Жеткен менен анын үнү ааламга,
Жетпеди ошол бир ууч, бир топ адамга.
Капчыктары толо бирок алардын,
Көкүрөгү бөксө экен ыйманга…

Кырктын кырын эми гана ашканда,
Кызык доорду эми сүрүп жатканда.
Кайдан келди түрү суук бул илдет,
Себеп болуп аны ала качканга…

Эки элдин ачып бирдей маанайын,
Эрмек болуп төкчү эле, деп ар дайым.
"Эрте кетти эсил кайран Элмир!" - деп,
Эл-журт дале түгөтө албайт арманын...

Жаркыраган Элмирбектин элеси,
Жансыз болуп, жерде калды денеси.
"Жаш эле"- деп, аяп койбой сайылды,
Жүрөгүнө, шум ажалдын жебеси.

"Аруузатым, булбулум,"-.деп созгондо,
Ар бир сөзү төп келишкен, обонго.
Мындай ырдан далайлары жаралмак,
Арабызда жаны аман болгондо…

Ажал дагы көзү түшүп көркүнө,
Алып тынды алы жетип өзүнө.
Жаратканым оңдоп эми жолдорун,
Жайгаштырсын бейиш бактын төрүнө!..
Бейиште да ырдап жүрсүн төгүлө…

## БИЙЧИ КЫЗ

**(Кыргыз элинде эң алгачкы балерина Бүбүсара Бейшеналиевага)**

Чимирилип бийлеп чыкса Бүбүсара,
Көктөн түшкөн периштедей көркүн кара!
Аяр басып буттарынын учу менен,
Көпөлөктөй көкөлөйт го жеңил гана.

Бийик өнөр, бий өнөрдүн ханышасы!
Бирде болуп Ромеонун Жульеттасы.
Бирде болсо уйкудагы жаткан сулуу,
Бирде болду Асель, Айдай, Мариясы!





Айгинелеп айтат тарых барактары,
Канча каарман образдарын жаратпады.
Ак куу сымал көрүнгөндө сахна жактан,
Тамшанышып көзүн албай карайт баары.

СССРдин жана дагы Кыргыз элдин,
Артисткасы! - деген улуу наамды алды.
Туу чокусун багындырып бий өнөрдүн,
Артындагы урпактарга чыйыр салды.

Арман ошол, бул жашоодон эрте кетти,
Аны сүйгөн көп адамдын жашын төктү.
Ак эмгеги унутулбайт кылымдарга,
Аз болсо да, саз өмүрдү жашап өттү!

## ЖАМАЛЫҢ ЖАЙНАП

**(Таттыбүбү Турсунбаевага)**

Түк өчпөс болуп, тарыхта калды издериң,
Турасың өйдө жагында дайым тизмениң.
Кеп кылып кээде кейийбиз, сени шум ажал,
Кезексиз эле торуна дароо илгенин!

Ченемсиз берип кем кылбай өңдөн, келбеттен,
Чектептир кудай, өмүрдү узак бербестен.
Ким болсоң дагы тасмада, жаркып жамалың,
Күйөрмандарды ынтызар кылып дегдеткен.

Таттыбүбү! - деп, атың да сонун, татына,
Талантың менен таанылдың дүйнө калкына.
Тагдырың болуп кейиштүү, кеттиң арманда,
Тар чөйрө сенин жете албай кадыр-баркыңа...

Сахнада сенин ойнооруң элдер билгенде,
Сатылган билет тийбей да, тийип-тийгенге.
Калышчу экен кезекти күтүп келген эл,
Кең залга деле сыйышпай кээде киргенге.

Жогорку сыйлык берилчү сага, берилбей,
Жок болгон экен ким кылганы да сезилбей.
Табышмак өлүм жылоолоп сени кетиптир,
Түйүнү анын азырга дейре чечилбей...

- Өнөрдүн улуу ханышасы! - деп аталып,
Өсөөрүңдө сен элиңден тилек, бата алып.
Көрө албас жандар сулаткан тура өзүңдү,
Койгулап башка, койнунан котур таш алып!

Даамдаткан эчак, өлбөстүк мүрөк суусунан,
Дездамона, Бейтааныш сулуу, Уркуяң!
Жаш бойдон эми жашайсың өлбөй түбөлүк,
Жамалың жайнап, уячаң кетпей ууртуңан!





## КОШ БОЛ МАЛИК!

Кенедейден өнөр жолун баштаган,
"Күйдүм Мөлмөл аппагым,"- деп какшаган.
Авазы да мукам эле өзгөчө,
Атпай журту "Азамат,"- деп мактаган!

Булбул эле эл мүдөөсүн кандырган,
Буудан эле талбай жорго салдырган.
Дарман-күчүн алган экен кайдагы,
Дарт жабышып, аны өңдөн аздырган...

Элүү жаштан эми гана ашканда,
Эрте болчу ал өлүмгө шашканга.
Таш боор ажал алды-артынан акмалап,
Тороп алып түшүрүптүр капканга.

Токсондогу энекеси кайгырып,
Туу тутунган кулунунан айрылып.
Кантмек эле? Айла жок да ажалга,
Калды боздоп, жүзүн жашка чайдырып.

Кош бол Малик! Кудай жолуң оңдосун,
Кыяматтык, ыйман болсун жолдошуң.
Жараткандан тилеп дуба кылалы,
Жаның сенин бейиш бакка орношун!

Оң жагыңдан периштелер коргосун...

## ЭЧ ӨЧПӨСТӨН ЭМИ ЖАШАЙ БЕРЕСИҢ

Жакшыларды улам четтен тарттырып,
Жашоо-өмүр, улагасын жаптырып.
Кейип турат жалпы кыргыз журтубуз,
Каректерден кайгы жашын актырып.

Жашаттырбай чыгаандарды, тез эле,
Жашырасың эмне мынча, жер эне?
Чыгаан уулу кыргызымдын дагы бир,
Чарчоо билбей эмгектенээр кези эле...

Кош бол Азиз! Жаның болсун бейиште!
Кыргыз элди салып кеттиң кейишке.
"Күнөөлөрүн кечире көр кудай,"-деп,
Коргоп сени турсун сан миң periште.

Алымбектин таамай ойноп элесин,
Аштың эле бийик өнөр белесин.
Эл-журтуңдун жүрөгүндө даткадай,
Эч өчпөстөн эми жашай бересиң!





## АЛТЫН КҮЗ

Ак төөнүн карды жарылган,
Алтын күз сонун баарынан.
Картошка, сабиз, пияздар,
Казылып жерден алынган.

Алмалар бышып бактагы,
Ийилет жерге шактары.
Кардары келип кээсинин,
Капчыгы толо баштады.

Жазайын жаңгак бышканын,
Памидор, жүзүм, бүт баарын.
Шабдаалы, коон, дарбыздар,
Базарга жайнап чыкканын.

Жөжөнү санап күзүндө,
Уялап күлкү жүзүндө.
Береке, оомат, кубаныч,
Эмгекчил дыйкан үйүндө!

Калаада дагы, айылда,
Түйшүк көп ар бир айымда.
Шербет да салат даярдап,
Көрүүдө кышка камылга.

*13.09.2022-ж.*

## ЖАШОО ЫРГАГЫ

Ар кимдин жашоо ыргагы ар кандай болуп өтүүдө,
Артына койбой кылчайып, айлампа өмүр көчүүдө..
Бирөөсү келсе ыңаалап, жаңыдан гана төрөлүп,
Бирөөнүн суусу түгөнүп, өмүрү жалп деп өчүүдө..

Байлыгы кээнин ашынып... Кааданы жатат ашырып.
Бирөөлөр үчүн чоң бакыт бекинет жүзүн жашырып..
Жер алып тамын сала албай… Же саздап бала бага албай,
Жүрүшөт жаштар айрыкча, үшкүрүп башын кашынып…

Билигин бурап байлардын, кутуртуп койду бул заман,
Беш эсе чоюп алкымын, жутунтуп койду бул заман.
Калыс, так баа берилбей болсо да билим, өнөрү,
Капчыгы бөксө жандарды, утултуп койду бул заман!..

Акталар бекен?.. Элдердин эңсеген, толгон үмүтү…
Арылып арман, көйгөйдөн азаяр бекен күйүтү?..
Кол жеткен ашап сологон, казынабыздан улуттук,
Катарда жүргөн жөнөкөй жандардын жокпу үлүшү?..

"Чиновник" - аттуу баарысы гектарлап жерди ээлесе,
Четинен бир аз бөлүшүп, жаштарга менчик бербесе.
Бузулбайт жашоо ыргагы, - деп анык эч ким айта албайт,
Башкарып журтту тургандар ыймanга баары келбесе!..





## САМАЙ БЕРЕМ

Ар күн сайын, жаркып аткан таң издеп,
Агып келет бакыт издеп, бак издеп.
Үмүт менен алгалаган өмүрүм,
Үлбүрөгөн гүлдөй назик көңүлүм,
Үшүбөскө жылуу, жумшак, жай издеп…

Тыным албайт саат жебеси чыкылдап…
Так аткарып өз милдетин тыпылдап…
Калмак беле?..Кайран өмүр жай жылып,
Кемип барат бирден барак айрылып..
Мезгил улам жылган сайын зыпылдап…

Самай берем, жакшы күндөр келерин,
Сезимдерге бакыт нурун себерин.
Жылуу сөздөн азык алып кубанып,
Жашоо нугу кадимкидей уланып,
Сабырдуулук санааларды жеңээрин!

Самап… Күтөм… Жакшы күндөр келерин…

*04.08.2023-ж.*

## КЫТАЙ ШАЙМАНЫ

Кышкыга көрүп камылга,
Кайнаган эмгек айылда.

Чөп чаап жүрөт боз балдар,
Эртелеп туруп таңында.

Кытайдын келип шайманы,
Чалгы, орок, бир да калбады.
Бүтүрүп салат заматта,
Балакет экен ал дагы.

Күйүүчү майын жаңылап,
Курларын белге тагынат.
Камданып ишин баштоого,
Матордун отун жандырат.

Дабышы талаа жаңыртат,
Түйшүктөн бирок арылтат.
Он адам кылчу жумушту,
Бир өзү жалгыз багынтат.

Техника өскөн заманда,
Жакшы экен бул да адамга.
Аарыдай экен дабышы,
Бир гана ошол жаман да.

Болсо да жаман дабышы,
Жакшы экен чөптү чабышы.
Өнүксө илим, чыгаттыр,
Дабышсыз, балким жаңысы.

*17.07.2023-ж.*





## КИМ БОЛУП АНАН КАЛАБЫЗ

Ким элек өзү?.. Ким болуп эми калабыз?..
Кайсы жол менен?.. Каяка деги барабыз?..
Улутубуздун уңгусун сактай албасак,
Урпактар не дейт, эмне деп жооп табабыз?..

Эңсешип биздин бабалар көптөн келишкен,
Эркиндик үчүн аянбай жанын беришкен.
Эгемен алып эл болдук эркин, десек да,
Элдердин көбү жашашат жакыр, неликтен?..

Баш аламандык!.. Темирдей тартип жогунан!
Баратат жаштар адашып барчу жолунан.
Кызматтын ээлеп майлуу да, сүттүү жерлерин,
Көптөрү жүрөт коко да келбей колунан!

Ак үйдөн турат аларды коргоп, калкалап,
Акырын айтып, тымызын анан башкарат.
Керт башын гана ойлошуп, кертип четинен,
Кемитип барат жерлерди, кенди талкалап...

Жетилген ар бир улуту кыргыз жаранга,
Жер бөлүп берсе менчиктеп, үйүн саларга.
Чечилип калмак жаштардын кыйла көйгөйү,
Чет жерге кетпей мекенде жүрмөк алар да...

- Касапчы сойсун, чымчык да сойсо, - дешкенде,
Кызматка алуу жактарын туура чечкенде,

Кетмекпиз алга ийгилик артып күн сайын,
Кесибин сүйүп, аркалап ар ким кеткенде.

Башчылар баштап намыстуу, ардуу, болушса!
Бейкапар жүрбөй кайдыгерликти, жоюшса!
Баркталмак биздин, баасы алтын улуу тилибиз,
Баарына бирдей талапты катуу коюшса!

Тарыхты карап өткөндү эске салбасак,
Тилибиз үчүн өрттөнүп- күйүп, жанбасак.
Айткыла анда..Ким болуп анан калабыз?..
Аталар салтын аздектеп сактай албасак..

**ЖАЙЛООДО**

Чырайына маашырланып көктөмдүн,
Черим жазып кусалыктан бөксөрдүм.
Жакындарым менен бирге жайлоодо,
Жашоонун мен бир үзүмүн өткөрдүм!

Жайнап гүлдөр, кулпурат чар тарабым,
Жаным жыргап жеңил тартты абалым.
Табияттын кооздугуна суктанып,
Туш тарапка карегимди кададым.

Тегерете дасторкондо олтуруп,
Түрдүү даам түрлөрүн бүт толтуруп.
Кенен-кесир баарлашып, чайлашып,
Көпкө жаттык көк шиберде бой сунуп.





Кереметі жайлоонун бар башкача,
Куштар сайрап, сонун аба таптаза!
Жайлоо көздөй барсаң бачым айыгат,
Жан дүйнөңдү караңгылык каптаса.

*19.07.2022-ж.*

**БИР КУДАЙ БИЛЕТ**

Өлчөмүн билбей азбы?..Же көппү?.. Аныгын,
Өтүүдө өмүр бузбастан эч бир калыбын.
Жараткан мага ыйгарган улуу белекти,
Жашадым көбүн, билип да билбей кадырын.

Бир толуп, бирде бөксөрүп турмуш кечирдим,
Бир кудай билет... Канчалык ката кетирдим.
Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс эч туяк жок,
Жаңылдым, жаздым жаштыкта, балким эсирдим.

Кимгедир деги, жасадым бекен жакшылык?..
Кур дегенде бир ширин сөз даамын таттырып.
Көбүрөөк буруп көр дүйнө үчүн көңүлдү,
Күнөөнү гана алдымбы же көп арттырып?..

Адамдык асыл сапатты сактай алдымбы?..
Акыйкат үчүн ар убак күйүп, жандымбы?..
Аралда калган жарым жан, жалгыз адамдай,
Алсырап же мен "арабөк" бойдон калдымбы?..

Кудай бар жалгыз!..Баарына калыс, тараза!
Колунда буйрук!..Кечирип коёт каалаcа…
Жай берер мүмкүн… Жаннаттын гана төрүнөн!
Жактырып өзү пендем деп мени санаса...

## ЗАЛКАРЛАР

Кыргыз эл улуу элбиз!.. Эр Манас урпактары!
Айкөлдүк, баатырдыгы, аныктап турат аны.
Тарыхта издери бар түбөлүк өчпөй турган,
Таланты ташты жарган, улуу эл туяктары!

Токтогул, Эшмамбеттей, асылдар жашап өткөн,
Жеңижок, Барпы акындар, жамгырдай ырын төккөн.
Эстебес, Ашыраалы, Алымкул, Тууганбайлар,
Кыргыздын жылдыздары!.. Жарыгын чачкан көктөн!

Айтылбай аты калган ак таңдай акындарым!
Санасак сан жетпеген, даанышман асылдарым.
Томдогон чыгармалар күбөсү чоң эмгектин,
Сездирет каректерден канча май агылганын…

Кыргызды кыргыз кылып тааныткан дүйнө элине,
Бактыбыз тоодой экен Чынгызды бергенине!
Шүгүр деп, сыймыктанып, жүрөлү таазим кылып,
Ар качан эскерели гүл коюп элесине.

Чарчабай күнү-түнү күүлдөп манас айткан,
Жеткирген урпактарга бир сабын азайтпастан.
Саякбай атабыздын эмгеги опол тоодой,
Ушундай улууларды, жүрөлү унутпастан!!!





## ЖАМГЫР

Жаагын жамгыр… Жаагын баарын тазалап,
Жаасаң талаа, тоо-таштар бүт тазарат.
Жер жумшарып, чөптөр өсүп жайкалып,
Жер энебиз кайра баштан жашарат.

Жаагын жамгыр… Жууп дарак чачтарын,
Жолдорумдун басып, учкан чаңдарын.
Чарт-чурт этип мүнөзүңдү көргөзүп,
Чууну салып жүрөк үшүн албагын.

Дыбырт..дыбырт.. назик үнүң тыңдайын,
Денем сергип, бир эс алып жыргайын.
Жан дүйнөмө эргүү берип дыбырың,
Жамырасын жамгыр сымал, ырларым…

Жаагын жамгыр… назик үнүң тыңдайын…

## ӨМҮР КЕРБЕН

Тыным албайт бир саамга карачы,
Тирүүлүктүн дөңгөлөгү, барасы.
Бараткандай аргымактар жарышта,
Байге алууга ашыккандай чамасы..

Эртең дебей бүгүн жаса ийгилик!
Эч бүтпөгөн курусунчу тиргилик.

Орчундуу бир иш жасабай, мезгилди,
Олтурбайлы колдон жулуп ийдирип.

Өмүр кербен! Өтө берет чубалып,
Өчүп улам жаңыланып, уланып.
Урпактарга өрнөк болуп, келгиле,
Улуулуктун уюткусун суналык!

Адаштырбай перзенттерди түз жолдон,
Адалдыка багыт берип туралык!

## БАКЫТ КУШУН КАРМАЙЛЫ

Оорубачы жүрөгүм сайгылашып,
Ооруй берсең кыйналам, кайгы басып.
Көр тирликтин азабы ансыз деле,
Кыйнап жүрөт жанымды, алсыратып.

Келгилечи ырдайлы, кубаналы,
Ырлар менен сезимди сугаралы.
Жок дегенде жарым саат жадырашып,
Кайгы, муңду, көңүлдөн чыгаралы!

Унуталы күндөрдү туталанган,
Сезим, ойду, сар-санаа тушап алган.
Күлкү менен толуктап бөксө жерин,
Кубанталы жүрөктү, кусаланган!





Жан дүйнөнү тазалап жаман ойдон,
Жамандардан алыстап, жаман жолдон.
Буйругуна багынып жараткандын,
Бакыт кушун кармайлы келсе колдон...

## ПЕНДЕСИБИЗ АЛЛАНЫН

Пендесибиз Алланын, танбайбыз да чанбайбыз,
Пейил, мүнөз жагынан ар түрдүү, ар кандайбыз.
Наадандар бар, ач көздөр,кошоматчы, айлакер,
Ниети түз пенде аз, билбейм неге андайбыз?..

Кыянатка, гыйбатка, коротушуп өмүрдү,
Кызыл тилин тыя албай жүргөндөр бар, төгүнбү?
Айдан түшө калгансып, ойлонушпайт айрымдар,
Айтпай келип капыстан жылоолочу өлүмдү.

Жандар да бар, бүлөнүн бүтүндүгүн сактабай,
Жаркылдаган жарынын арзуу, үмүтүн актабай.
Жолбун итче жортушуп, күн өткөргөн максатсыз,
Жалгыз иши жеп-ичип, жер кезип жер таптамай.

Мээрим чачып тууганга, кол сунушпайт жардыга,
Мерез болуп мелтейип "жок"- дейт көбү, барды да.
Андашпайбы же эмне? Аяп койбой шум ажал,
Алып бир күн кетээрин алтын тактуу ханды да...

## ТӨРТ САПТАР

* * *

Эрте туруп таң менен, жакшы жатып,
Рахатын жашоонун сезип, татып.
Жаратканга ийилип сажда кылып,
Жайнамазда олтурган кандай бакыт!

* * *

Акындын түрмөктөлгөн ырлары бар,
Ар кимдин ар башкача сырлары бар.
Беш күндүк бул өмүрдүн бирде кайгы,
Бирде шаң тартуулаган жыргалы бар.

* * *

Аял деген анык гүлдүн өзү да,
Азык берип бапестесең кулпурат.
Катуу сүйлөп кага берсең күн сайын,
Катат бекем ак сүйүүсүн, кулпулап...

* * *

Келсе эгер сүйүү башыңа,
Карабайт кары, жашыңа.
Жагымдуу болот бул сезим,
Жалпы эле адамзатына.





* * *

Байлык, мансап, бийликтен,
Баарынан да жогору.
Билсең кымбат ден соолук,
Бекем болсун оболу!

* * *

Кош каттанып коймолжуган бул көздөр,
Калат бир күн түбөлүккө жумулуп..
Кадырын бил тирүүлүктүн, күн сайын,
Калгычакты топуракка жуурулуп..

* * *

Калыстык байкалбаса сөздөрүнөн,
Жагымдуу сөз чыкпаса көөдөнүнөн.
Жакшы деп кантип айтам мындай жанды,
Мээрими төгүлбөсө көздөрүнөн.

* * *

Ар бир ишти акыл калчап баштагын,
Жети өлчөп бир кескиниң, шашпагын.
Эстей жүргүн улуулардын дайыма,
"Сабыр түбү сары алтын,"-деп айтканын!

* * *

Эркүүлүгүң эң маанилүү эмеспи,
Эмне десе дей берсин эл, демекти!

Эркин койбой сезимдерди, а эмне,
Элди гана угушубуз керекпи?

* * *

Асман да ыйлайт кээде, күн-түн шолоктоп,
Арман, муңу, анын деле толо окшоп.
Көз жашынан пайда болуп көлчүктөр,
Кайнайт анан шорпого окшоп, бороктоп...

* * *

Көз жаш төгүп жеңилдесе басылаар,
Күндүн нуру тегиз-текши чачыраар.
Боор ооруса жаратканым асманга,
Булуттарды шамал менен качыраар...

* * *

Жаап жаткан күзгү жамгыр дыбырап,
Жароокерим жаткан өңдүү шыбырап.
Мээрим төгүп алдей айткан апамдай,
Мени аяйт, уктайгой деп тынчыраак…

* * *

Сүйүү ыйык! Жашайт ар бир адамда,
Сүйүү керек бир келген соң ааламга.
Кезегинде баалап, барктай албасаң,
Курусунчу, ошол абдан жаман да…

* * *





Батып күндүн, атып таңдын эчени,
Белгиси жок өткөн күндүн кечеги..
Жалгыз гана жаратканга белгилүү,
Жарыктагы жашообуздун эсеби..

* * *

Калк ичинен күлүк чыкса, топ жарып,
Көрө албастар кайрыйт дароо канатын.
Көзү өткөн соң ардакташат "Баатыр"- деп,
Качан коёт?.. Кыргыз ушул адатын.

* * *

Жанды көрсөң өтө кооз кийинген,
Жыйынтыкты чыгарбагын, кийимден.
А дегенде жан дүйнөсүн аңтарып,
Анан бергин калыс бааны, дилиңден..

* * *

Жан барбы өлбөс, жарыкта?..
Жакшылар жашайт тарыхта!
Сызганы болот тагдырдын,
Сала албайт эч ким калыпка.

* * *

Адам деген чыдай билет баарына,
Азап, жыргал, не жазылса багына..

Кээде калса бурганактуу бороонго,
Көлкүйт жаны кээде көктөм жазына.

* * *

Өнөрлүү өлбөйт элимде,
Өнүгөт, болсо дээринде.
Жасап да, сатып ала албайт,
Жашайт ал тунук сезимде..

* * *

Боройлогон жамгыр сымал төгүлбөй,
Балкып, эргип, кыялдарга чөмүлбөй.
Болгон жаман, калемгердин бечели,
Быкшып, күйбөс сапаты жок көмүрдөй.

* * *

Баалуу күндөр өтүп барат, табылгыс,
Бир кеткен соң, кайра артка кайрылгыс.
Туяк болбойт мүдүрүлбөс, эч качан,
Тирүүлүктө, жаак болбойт жаңылгыс..

* * *

Келечеги өлкөбүздүн, ойлондурат.
Ким билет ай... Дагы нелер болгон турат?..
Эсептешпей эл-журт менен эл башчылар,
Эчендеген таттуу үмүттөр соолгон турат..

* * *





Көлөкө жерде жатпайлы,
Көрпөгө башты катпайлы.
Көкөлөп бийик учууга,
Канатты күүлөп, таптайлы.

* * *

Таш -талканын чыгарып,
Талкалаба көңүлдү,
Эч пайдасыз өткөрбө,
Эки келбес  өмүрдү!..

* * *

Жаралып, жарык дүйнөгө,
Жакшылар көп-көп келишсе.
Кана эле..тартпай кайгы, муң,
Кылымдап жашай беришсе..

## ЖАҢЫЛАНСЫН ЧАР ТАРАП

Айлана бүт аппак чапан жамынып,
Алоолонуп, мештерге от жагылып.
Аяз күчөп, калып жатты каарынан,
Айнектерге оймо гүлдөр салынып.

Чилде быйыл милдетиң так аткарды,
Чымылдатып кыйындыгын мактанды.
Кыш чилдеден чыктык аман буюрса,
Кадам эми жазга карай ташталды.

Улуулардын эсебине карасак,
Ушул айды "Ут айы,"- деп санашат.
Жакшылыгын берсе эгиз төл алып,
Кой-эчкиден, козу-улактар маарашат.

Эл-журтума кудай өзү күйсө экен,
Эбегейсиз кут-ырысты үйсө экен.
Калыс болуп жаман илдет, апааттан,
Кам-кайгысыз, калкым өмүр сүрсө экен.

Алааматтар болбосо экен кайталап,
Астын-үстүн кылып баарын талкалап.
Жаштарга өмүр, ыйман берип карттарга,
Жаратканым турсун дайым калкалап!

Жакшылыгын жамгыр сымал жаадырып,
Жашыл жаздай жаңылансын чар тарап…





## КЫЛАЙЫН ДЕП КОЛ КАБЫШ

Сагынчымды койнума катып алып,
Сонун, ширин кыялга батып алып.
Учуп келдим аралап көк мейкинди,
Учакка деп, бир билет сатып алып.

Кылайын деп кол кабыш кыздарыма,
Көр турмуштун жараша кырдаалына.
Колдон келген жумушун жасап жүргөн,
Кыш чилденин карабай ызгаарына.

Кеч келишет жумуштан, эрте кетип,
Калам үйдө небере эркелетип.
Дүйнөм түгөл заматта боло түшөт,
Дүпүрөшүп келишсе жетелешип.

Бөтөн жерге, алыска, мекенинен,
Баары ошол арга жок экенинен.
Келген, иштеп көйгөйүн чечишмекке,
Көкүрөктө намыстын бекеминен.

Катмарында жашоо оор калктын калың,
Көптөр жүрөт арандан багып жанын.
Кымбатчылык кокодон алып турат
Карапайым элдердин байлап багын.

Кошоматчы, куулардын жолу азыр,
Колунда жок жандардын шору азыр.
Кенедей бир парасыз ишиң бүтпөйт,
Коррупция кең жайган торун азыр!

Тээ илгери, эңсеген ата-бабам,
Төңкөрүштөн соң келген жакшы заман.
Эми айланып кайрадан бай, кедейге,
-Эх аттиң ай! Калабы кыргыз анан?..

*Екатеринбург ш. 27.12.2022-ж.*

## НАРИСТЕ СЕЗИМ

Жааган карды, кыламык гана себелеп,
Жүрүшөт балдар куушуп ойноп, тебелеп.
Күлүшөт куунап, артында түшкөн издерге,
Наристе сезим, карачы кандай керемет!

Бирөөсү жесе оозуна салып тамшанып,
Бирөөсү турат колуна алып камданып.
Тилдери келбей "майожна, мынаа", - деп коёт,
Биринен-бири тилинен таттуу бал тамып.

Балдарды карап саамга ойго чөмүлдүм,
Ойлондум терең, жалганы жок бул сөзүмдүн.
Оюндан башка оймоктой кайгы, санаа жок,
Балалык экен, эң таттуу кези өмүрдүн…





## КОЁЛУ МАКСАТ КЫЛЫП

Көп окуйм китептерди, баарын сүйөм,
Кадырлап, баркын билип сактап жүрөм.
Керемет байлык жатат ар биринде
Келечек, жашоо турмуш жолун түзгөн.

Керектүү маалыматтар баяндалып,
Кийинки урпактарга даярдалып.
Калтырган жазуучулар, илимпоздор,
Каректен канча деген майы агып.

Китептин ачып кирсең, каалгасын,
Көп түркүн тагдырларга кабыласың.
Кубансаң бирөөсүнө, кээ биринин,
Кейиштүү тагдырына кайгырасың.

Кызыктын баарын издеп, тапсаң болот,
Кааласаң роман, повесть, элдик жомок.
Кошулуп жашап жаткан сыяктанып,
Каармандар терең ойго, салып коёт.

Канчалык көп окусаң, көптү билип,
Кең болот ой- чабытың, өсүп бийик
Келгиле китеп менен достошууну,
Максатка коёлучу бекем сүйүп.

## КАКТУС ГҮЛҮ

Сыртта суук, кыш өкүмү күчүндө,
Кактус гүлү, келгенсип бир бүтүмгө.
Коoздук берип бөлмө ичине, ажайып,
Гүлдөп алды, айдын алгач күнүндө!

Кат-катталып ич-ичинен, кабаты,
Ажайып гүл, сулуулугун карачы.
Гүлдөп турса жыт аңкытып, кулпуруп,
Рахат алат, ар бир адам баласы!

Кыш күндөрүн күтүп, эңсеп тургандай,
Табиятты сезип, көңүл бургандай.
Декабрда гүлүн ачып баштады,
Убадага бекем турган кыздардай!

## САГЫНЫЧ

Сагынычым толуп, ташып, аябай,
Жолдун бир топ алысына карабай.
Сапар тарттым салам-дуба артынып,
Ап-апакай булуттарды аралай.

Уч-кыйры жок мейкиндикти аралап,
Учуп барат канаттарын сабалап.
"ҮК"сегиз жүз алтымыш беш, ак тулпар,
Жеткирем деп үч саатка чамалап.





Сапарлаштар баары тегиз жайланып,
Коопсуздук бел-курларын байланып.
Куштай сызды биз олтурган ак тулпар,
Коюнуна баарыбызды жайгарып.

Эске түштү тээ балалык кездеги,
Чоң энелер жомок айткан кездери.
Учма килем олтурганда үстүнө,
"Уч! Уч!"- десең, учат экен дешкени.

Ал жомоктор чындык азыр турмушта,
Саат сайын учуп жатат туш-тушка.
Тез жеткирет дарегиңе каалаган,
Учактарды карап турсаң укмуш да!..

Учуп келдик көк асманда сайрандап,
Бал токочун, чайын, берип меймандап.
Тейлеп келди татынакай эки кыз,
Улам айтып жол сырларын баяндап.

Тосуп чыкты алтындарым алдымдан,
Гүл жыттатып апакесин, сагынган!
Кучак жайып көпкө кысып боорума,
Учураштым, кыздарымдан кагылам!..

Кандай жакшы жолугушкан сагынып,
Жайнап жүздөр, сагынычтан арылып.
Ушул күндөр, бул бактылуу мүнөттөр,
Калган тура маңдайыма жазылып…

*Екатеринбург ш.15.09.2021-ж.*

## МЕНИН КЫЯЛЫМ

Көз менен турган ченелбей,
Кынаптап тизген чебердей.
Курсам дейм ырдан мунара,
Кылымга турчу кебелбей!

Кымча бел сулуу кыз сымал,
Козгоочу деми, ышкы бар.
Курасам экен ыр десте,
Кулпурган гүлдүн жыты бар.

Көңүлүн бурган көптөрдүн,
Күкүгү окшоп көктөмдүн.
Жарыгын чачкан бийиктен,
Жылдызы болсом, өлкөмдүн!..

Ушундай менин кыялым,
Уйку жок, тартам убайым.
Калса экен өчпөй тарыхта,
Кылымдап жашап ырларым!..

## ӨНӨР ЭЭСИ

Кыргызымдын асыл, тунук, ойлорун,
Басып өткөн өйдө- төмөн жолдорун.
Келе жаткан кылымдарды карытып,
Айтып турат ар бир гүлү оймонун.





Кооз шырдак, оймолору келишкен,
Өңдөрүн да жарашыктуу беришкен.
Көргөн жанды суктандырып көркүнө,
Чебер колдор бали!.. Азамат!.. Дегизген.

Чеберлери көркөм- өнөр дүйнөнүн,
Жаратышат эчен шырдак түрлөрүн.
Чоң эмгекти талап кылат чынында,
Жасоо үчүн төп келтирип гүлдөрүн..

Кыргыз элим өнөргө бай эзелтен,
Баар тапкан жашап, адал эмгектен.
Чебер колдор жасаган бул шырдактар,
Кымбат турат каухардан да берметтен!..

Өнөр багып, өнөр жолун улайлы,
Өнөр ээсин кадырлайлы, сыйлайлы.
Өнөр менен өргө карай арыштап,
Өсүп пенде, өлбөс болот турбайбы!..

## КҮЗДӨГҮ ЖАЛБЫРАКТАЙ

Саргарган жалбыракка окшош, курак,
Дал ошол курак азыр, биздин убак.
Дарман жок баштагыдай, дене боюм,
Дирилдеп, жалбырактай араң турат.

Жалындап бозойлорго кыйгач карап,
Жүрчү элек бойду түзөп, чачты тарап.

Кулпурган он сегиз жаш гүл курагым,
Кылчайбай кеттиң беле?.. Атаганат…

Турмуштун түгөнбөгөн сыры тереӊ,
Тарбия берет экен, ыгы менен.
Жеткирип койду мына жетимишке,
Жетелеп өтүп, кырктын кыры менен.

Күздөгү жалбырактай саргайыңкы,
Байкасаң азыр менин маанайымды.
Байкабай калдым бирок өзүм деле,
Маарага кантип жетип калганымды.

## ОЙЛОР

Күндөр өтүп, айлар өтүп, жыл өтүп,
Күлүк ойлор тынч алдырбайт жүдөтүп.
Убай-чубай улам келет жаңысы,
Унуткарып бирин турсам күзөтүп.

Бир ой келет, жалкоолука чакырып,
Бөлүп, жарып, эргүүлөрүм качырып.
Алай-дүлөй бороон сымал заматта,
Алып кетет алыстарга, сапырып!..

Бир ой келип "Калем сапты карма"- дейт,
"Бийиктикке өйдөлөй бер, талба"- дейт.
"Уюткулуу сөздөрүңдөн тизмектеп,
Урпактарга бир чоң белек камда!"- дейт..





Калбайын деп азгырыка арбалып,
Калемимди кайрап, бүлөп, камданып.
Сансыз ойдун арасынан иргелеп,
Сапка тизем жарактуусун, жайгарып!..

## КЫШ КЕТСЕ

Кыш кетсе узап... Жаз келип...
Күрмөмдү жылуу, чечким бар.
Керемет!..Кооз жергеме,
Куш сымал сызып жетким бар!..

Атыр жыт, таза абадан,
Аянбай кенен жуткум бар.
Куштардын үнүн, сайраган,
Кулагым түрүп, уккум бар.

Арчалуу жашыл жайлоону,
Аралап кенен жүргүм бар.
Амандык болсо, өмүрдү,
Армансыз, узак сүргүм бар.

Кумдарын, ташын, чаңдарын,
Көзүмө сүртүп өпкүм бар.
Кутмандуу, ыйык Мекеним!..
Койнуңда жашап өткүм бар.

Ата журт!.. Бүтпөс дастаным,
Ашыкмын сага, ышкым бар..
Көркөмүң ырга айлантып,
Кумардан эх!..Бир чыккым бар..

*Екатеринбург ш. 31.01.2024-ж.*

## АЯДЫМ

Жүрөмүн Екатеринбург калаасында,
Жайнаган түмөн элдин арасында.
Неберем, кызым менен бийик үйдүн,
Биргемин сегизинчи кабатында.

Көп экен кооз жайлар суктандырган.
Көчөлөр кыйма-чийме бут талдырган.
Көркөмдүү шаардын бири ушул экен,
Көргөндү кайра эңсетип куштар кылган.

Кыргыздар жүрөт иштеп канчалаган,
Каржылап, үй-бүлөсүн калкалаган.
Айбыкпай жашоо үчүн ар кимиси,
Ар кандай жумуштарды аркалаган.

Бөксө эмес капчыктары, акча кенен,
Батирлер бүт ыңгайлуу шарты менен.
Болсо да, бирок көздөн учат дешет,
Баарынан кымбат, ыйык Ата Мекен.

Айтышат туулган жерин сагынганын,
Ашуу-бел, тоо-түздөрүн, адырларын.
Арман бар ар биринде ар башкача,
Айтууга сөз жетишпейт анын баарын.

Аядым мигрант болуп жүргөндөрдү,
Калп эле сырт жагынан күлгөндөрдү.
Алыстап Ала-Тоолуу мекенинен,
Кусадар болуп өмүр сүргөндөрдү.





## ДАРЫГЕРЛЕР

Адамзаттын сак болушун каалашкан,
Ажал менен күндөп-түндөп кармашкан.
Ак халатчан дарыгерлер!.. Эл үчүн,
Ак эмгегин арнап келет талбастан.
Колдорунда сыйкыр бардай сыягы,
Кубалашат илдеттерди, жармашкан.

Күндүр-түндүр кабак-кашым дебестен,
Кеңеш айтып бейтаптарын тейлешкен.
Сыркоолорго сунуп жардам  колдорун,
Сакайтышат жанга азап бербестен.
“Жакшы”- дешип, жан дүйнөнү тынчтантып,
Жылуу, жумшак сөздөр менен эмдешкен.

Бар болгула өмүр шамын жакчулар!
Бар болгула дартка даба тапчулар!
Өзү күйүп, алоолонуп жарыгын,
Өзгөлөргө жаркыратып чаччулар.
Калың журттун тийип алкыш, батасы,
Кылым ашып жашагыла жакшылар!

## ТААЛАЙЛУУ БОЛГУН!

**(кызыма насаат)**

Кеп айтып сага, көптөрдүн көөнү бурулса,
Кулакка түйгүн кырк үйдөн тыюу угулса.
Жарыңды таптың жараткан жазып маңдайга,
Жарык жүз менен үй-бүлө күткүн буюрса.

Кайната деген пир болот, аны сыйлагын.
Көзүнчө анын, чекилик бир иш кылбагын.
Кызматын кылып батасын алгын эрте-кеч,
Көлдөлөң салып, ызатын кылып тур дайым.

Кайненең болот ал сага мыкты кеңешчи,
Кайырбай сөзүн, кабыл ал айтса кеңешти.
Сыйласаң кимди ошондой сыйды көрөсүң,
Сага да бул күн бат эле келет эмеспи.

Алганың берсе үнөмдөп карма тапканын,
Акылды калчап, кадамды туура таштагын.
Болбогон кээ бир беймаза ишке кол сунуп,
Бүлөңдүн кызым береке-кутун чачпагын!

Байлыгын көрүп бирөөнүн, көзүң артпагын,
Билбестен туруп артынан ушак айтпагын.
Турмушта кээде кагышса казан-аяктар,
Таарынып дароо төркүнүң көздөй качпагын.





Жарыңдын эч бир кирдебей жүрсүн жакасы,
Жайнаган сүйкүм уул-кыздын болгун апасы.
Теңиңди таптың, татына келин дедирип,
Таалайлуу болгун элиңдин тийип батасы!

## АЙКӨЛ АЙЫЛ ЭЛДЕРИ

**(сонет)**

Терип, жыйнап болгон мөмө түшүмүн,
Тонналашып алма, өрүктү сатышат.
Ак эмгектин көрүп кайткан үзүрүн,
Айыл эли ырахатка батышат.

Күз келгенде жөжөлөрүн санашып,
Капчыктары толот баба дыйкандар.
Мына ушундай күндү күтөт самашып,
Маңдай терин төгүп эмгек кылгандар.

Элет жерде берекенин кени бар,
Эбегейсиз азыкка мол жери бар.
Эч бирөөнүн жерде калбайт эмгеги.

Мейман келсе дасторконун жайнатып,
Май, каймагын коюп, чайын кайнатып.
Сый көргөзөт айкөл айыл элдери.

## БААЛАЙЛЫ

Болгон соң Мухаммеддин үммөттөрү,
Беш убак жайнамазга баш уралы.
Калтырган осуятын амал кылып,
Күн сайын иш жүзүнө ашыралы.

Көргөнгө ар бир таңды аман-эсен,
Кудайга шүгүр айтып тообо дейли.
Анык го бул жарыктан кетээрибиз,
Алтымыш, сексен, жүз жыл жаша мейли.

Жоёлу ичи тардык сезимдерди,
Жакшыны жакшы дейли даңазалап.
Байлыгын мактабастан ооз көптүрүп,
Баалайлы адамдыгын, таразалап!

## БУЛ ДҮЙНӨ

Бул дүйнө баркы бийик, улуу дүйнө,
Бейиштин пайдубалын куруу дүйнө.
Беш убак жайнамазда дуба кылып,
Берээрин тилеп, сурап туруу дүйнө.

Бирөөгө байлык бакыт болгон дүйнө,
Байлыгы ашып-ташып толгон дүйнө.
Бакыттан кур калтырып кээ бирөөнү,
Барлыгын барчалаган ойрон дүйнө.





Биле жүр, бул аманат сыноо дүйнө,
Берилген сыноолорго чыдоо дүйнө.
Бекемдеп ыймандарын жүргөндөрдү,
Бейишке жетелеген ыроо дүйнө.

## ЖАШАЙЛЫ СҮЙҮП ЖАШООНУ

Көптөрү көңүлүмдү чөктүрсө да,
Көлдөтүп көз жашымды төктүрсө да..

Өмүрүм!.. Мен өзүңдү сүйүп келем,
Өчүрүп баарын артка сүрүп келем.

Карылык жаштыгымды талашса да,
Кат-каттап бетке бырыш таратса да.

Өзгөгө байкатпастан абалымды,
Көргөзөм жайнап турган жамалымды.

Жүрөктүн түпкүрүнөн казып терең,
Жамактап ырларымды жазып келем.

Өткөнкү күлгүн курак кезимдеги,
Өчпөгөн элестерди, сезимдеги.

Бүркөлүп кабак кээде жайнаганын,
Баракка баарын тизип жайгарамын.

Катылган көөдөндөгү сырларымды,
Кайгымды, кубанчымды, жыргалымды.

Күндөр эч өтпөйт тегиз, бир калыпта,
Кантсе да жашоо бакыт бул жарыкта!

Каректер карагаттай, жайнап турса,
Көрөңгө көкүрөктө кайнап турса..

Арбытып айта бербей армандарды,
Ачалы жаркылдатып маанайларды.

А көрөк эртеңкини ойлонолу,
Алганча акыретке жолдомону..

Жашайлы ар дайым сый-урмат менен,
Жашоону баалап, сүйүп, сыйлап терең.

Кейитпей гүлдөй назик жүрөктөрдү,
Коротпой текке алтындай мүнөттөрдү.

## ЖАЗДЫН ЖЕЛИ

Таң шооласы агарып, жарык берип,
Татынакай дагы бир күнүм келип.
Түркүн куштар сайраса бутагында,
Тал-теректер ыргалат боюн керип.

Саамайымдан сыласа жаздын жели,
Сезилгенсийт эненин мээримдери.
Кере-кере дем алып таза абадан,
Кана жыттапжан дүйнөм жеңилдеди.





Күндөн гана жылуулук күтүп жаткан,
Бажырайып алмалар гүлүн ачкан.
Жашыл килем төшөлдү жер бетине,
Жаратылыш кооздоп гүлүн тарткан!.

Күндүн ысык чулганып мээримине,
Аралады жылуулук сезимиме.
Тартуулаган түгөлдөп төрт мезгилди,
Таазим кылам шүгүр деп, Теңириме!..

## ШАШПА МЕЗГИЛ

Шашпа мезгил! Картаяр кез келе элек,
Шаштымды алба, чачка бубак себелеп.
Койбой турчу кызыл нурдуу жүзүмө,
Кыйма-чийме бырыштарды чегелеп!

Колдон, буттан алып жанды кыйнаба,
Күч-кубатым али жетет кыйлага.
Эми гана күүлөнүүдө канатым,
Эсимди алып жолтоо болбой тур мага.

Тамчыласа көөдөндөгү сырларым,
Тизмектелип, түрмөк-түрмөк ырларым.

## ӨРҮК ГҮЛҮ

Секелектей, ак бантигин тагышкан,
Өрүктөрдү карап турсаң алыстан.
Жомоктогу бир ажайып дүйнөгө,
Жолуккандай болосуң сен капыстан.

Ак пахтадай чанагынан ачылган,
Мээрим алып күн нурунан, чачылган.
Тегиз-текши гүлдөгөн соң кайрадан,
Аппак кардай төгөт гүлүн башынан.

Аппак болуп гүлүн ачкан чагында,
Коро* байлайт ар бир гүлү шагында.
Ийилишет жерге тийип шактары,
Мөмөлөрү бышып жеткен маалында.

Мына ошентип күүгө келет өрүкзар,
Өрүктөрдүн кызылы бар агы бар.
Шыпаа дешип токсон тогуз оорууга,
Айтып келет ак сакалдуу карылар.

Өрүк гүлүн ачкан кезде ар дайым,
Шаңга толуп өрүкзарлуу аймагым.
Өнөрпоздор коштоосунда, жалпы эл,
Майрамдашат "Өрүк гүлү" майрамын!

---

* Коро – өрүктүн бышып жетиле элек кези.





## ИЗГИ ОЙЛОР

Жарык күндүн шоолалары төгүлүп,
Тээ алыстан бүл-бүл жанып, көрүнүп.
Келаткансыйт бакыт менен ийгилик,
Экөө бирдей эриш- аркак өрүлүп.

**Кайрыма:**

Жүрөгүм го, менин күчтүү жүрөгүм!..
Капаланба, кабак түйүп түнөрбө!
Кага бергин ыргагыңды бузбастан,
Жетишебиз ошол сонун күндөргө!..

Айдын дагы он беш күнү караңгы,
Он беш күнү жарык кылат ааламды.
Алдын тосуп ошол жарык күндөрдүн,
Алга карай арыштайлы кадамды.

**К.**:

Ийгиликтин эрте, кечи, жок дешет,
Изги ойлор жүрөгүмдү терметет.
Калкым үчүн бир жакшы эмгек кылсам деп,
Кайран жүрөк ак эткенден так этет!

**К.**:

## КӨҢҮЛ КӨКСӨЙТ

Көңүл деген таза, тунук айнектей,
Колдон келсе жүрүү керек кирдетпей.
Алыс болуп ушак-айың сөздөрдөн,
Тез тарачу түрү суук илдеттей..

Көңүл назик гүлдөй турат, үлбүрөп,
Көксөй берет жылуулукту, дилдиреп.
Жабыркатпай бапестесең, заматта,
Жыт аңкытып гүл ачканга үлгүрөт..

Кадырлашып сыйлашалы келгиле,
Кыскалыгын бул өмүрдүн сезгиле.
Жаралантпай көңүлдөрдү, куунатып,
Жакшы сүйлөп жанга азык бергиле.

Ынтымакты туу туталы замандаш,
Ынтымаксыз ийгилик да жаралбас.
Бул өмүргө келесиң да, кетесиң,
Бир да адам түркүк болуп кала албас!..

## БАЛАЛЫКТЫН КАЛААСЫ

Көзгө илешпей калды алыс арасы,
Кооз, шаңдуу балалыктын калаасы.
Кайрылып бир барар болсо, кана эле,
Каалаганда ар бир адам баласы.





Кыпындай жок кайгы-капа оюнда,
Куунак көңүл, балалык кез сонун да.
Эч унуткус күндөр ошол бактылуу,
Эркелеген эне-атанын койнунда.

Канча мезгил өтсө деле арадан,
Кетпестир эч эстен, ойдон, санаадан.
Тамшандырган балалыктын бал даамын,
Таткан күндөр, кутуу ошол калаадан.

Кетсе деле көрүнбөстөн караны,
Кыял коштоп, алып учуп санааны.
Улутунуп эңсей берет адамзат,
Унута албай ошол кооз калааны!..

## МУЗЫКА ЫРГАГЫ

Музыканын ыргагында термелип,
Обон созсок шыңгыр, кооз, үн берип.
Керемет го ыр дүйнөнүн ааламын,
Араласак гүлзарынан гүл терип..

Созолонсо жан эргиткен кайрыктар,
Санаа, ойдон жан дүйнөнү арылтаар.
Сөзү обонго жуурулушса төп келип,
Сыйкыры анын ар адамды багынтаар..

Музыканын жарашыктуу ыргагы,
Жан дүйнөнүн жан азыгы, жыргалы.
Жабыркатпай сезимдерди аярлап,
Ырлар менен азыктантып туралы!

## КАРЫЛЫК

Жаштык учур узап кетти алыстап,
Жеткирбестен кадамдарын арыштап.
Кайда эми ага жетмек, дарман жок,
Калат тура буттарың да чалыштап..

Кыйма-чийме, узак-узак жол басып,
Келаткандай эчен белес, кырды ашып.
Улутунам улам эле жөнү жок,
Уйгу-туйгу ойлор менен кармашып.

Кемелиме келип калган убагым,
Карылыктын даамын татып турамын.
Кубанчыма, кайгыма да ортоктош,
Калем сабым менин, жалгыз ынагым!..

Жаратканым канча жашоо ыйгарат?..
Бул жалганда өлбөй тирүү ким калат?..
Биз кетебиз, артыбызда из болуп,
Түбөлүккө ушул төрт сап ыр калат..

## СУЛУУ БОЛСУН ЖҮРӨГҮҢ

Жүзүң эмес, сулуу болсун жүрөгүң,
Жаңы ачылган гүлдөй, тургун жадырап.
Сезимдерге сепкин жашоо үрөнүң,
Сугаргандай жаткан чөлдү.. Какырап!





Бүгүн барбыз..Эртеңкибиз бүдөмүк..
Бир өзүңдү өлбөчүдөй сезбегин.
Бул дүйнөдө эч ким калбайт түбөлүк,
Бир башта бир өлүм барын эстегин.

Сыртың сулуу болгон менен жалтырап,
Сөздөрүңдүн болбосо эгер шекери.
Сур жыландай ууң турса чачырап,
Сый көрбөйсүң эки дүйнө, эзели.

Кепке чечен, көлдөй болсо көөдөнүң,
Көздөрүңдөн мээрим турса төгүлүп.
Өмүргө-өмүр улай билсе сөздөрүң,
Өтөөрүң чын, урмат-сыйга чөмүлүп!..

## ЖАЗ КЕРЕМЕТ

Жаз керемет!.. Түркүн гүлдөр ачылган..
Жер энебиз кымкап кийип жашылдан.
Жан бүткөндүн бардыгына мээримдүү,
Күндүн нуру тегиз-текши чачылган.

Баба дыйкан билек түрүп жанданып,
Эмгектенет белин бекем байланып.
"Кыштын камын жазда көр"- дейт эмеспи,
Эрте жаздан баштайт кышка камданып.

Жашылданат, бүчүр байлап бак-дарак,
Суу сугарып азыктантуу башталат.

Түркүн куштар учуп, конуп шактарга,
Тынбай сайрап, жаз келгенин жар салат!..

Сары гүлдүү көйнөктөрү жарашып,
Сулууланат кыздар чачын тарашып.
Бозойлордун сезимдери серпилет,
Селкилерге жолугууну самашып..

Жааса жамгыр майда-майда себелеп,
Жаз жыты эх, кандай сонун керемет!..
Жаздын көркүн ырга айлантса акындар,
А сүрөтчү тартат коoздоп, чегелеп!..

Жаз чынында эң бир сонун, керемет!..

## БИР БООРЛОРУМ

Эсен-аман бир энеден төрөлгөнбүз,
Эркелешип мээримине бөлөнгөнбүз.
Катар жатып бир жууркан бир төшөктө,
Күндөр өтүп өнүп-өсүп көгөргөнбүз.

Айылымда, мага жакын Алтынайым,
Ар күн сайын сурап турат алы жайым.
Айлар менен Кенжегүлүм алысыраак,
Аман-эсен бар болушсун алар дагын.

Эки иним бар, аска тоодой жөлөктөрүм,
"Эжеке" - деп, сурап турса өсөт көөнүм.





Кайда болсо жакшылыгым тең бөлүшүп,
Колдоп-коштоп, көргөзүшөт көмөктөрүн.

Калсак бирге аш-тойлорго кээде барып,
Кобурашып өткөн күндөн эске салып.
Түн бир оокум болуп кетет күлкү менен,
Тээ балалык таттуу кезди эстеп алып.

Бар болгула бир боорлорум, алтындарым,
Бөлөктөрдөн өзгөчө бир жакындарым!
Бири келсе кеңеш сурап, эжеке деп,
Бири мага кеңеш берээр акылманым!

Бар болгула алтындарым, асылдарым!

## ПЕНДЕМИН

Мен деле бир катардагы пендемин,
Күнөөлөрдү билип-билбей жасаган.
Ак эмгектен татып ырыс-кешигин,
Адамдыкты бийик тутуп жашаган!

Өз жанынан артык көрүп балдарын,
Өрттү кечип тоңгон ызгаар, үшүккө.
Энемин мен алар үчүн ар дайым,
Түтүп келген, толгон-токой түйшүккө.

Көңүл чөгүп, түшсө кээде маанайым,
Адатым бар ырдап алмай кыңылдап.
Эмнеликтен?..Түшүнө албайм себебин,
Ырлар жазып жүргүм келет ыр ырдап.

Жазган ошол бирин, экин ырымды,
Төрөп алган балдарымдай бапестейм.
Окурманын тапса экен деп, сүйүктүү,
Оймо-чийме салып түрлөп саркечтейм.

Калтаарыймын калем сапты кармаштан,
Коёмбу деп кокус ката кетирип,
Жабыр тартып калбаса экен жан дүйнөм,
Жасап коюп туура эмес бир чекилик..

## ЖАЗ КЕЧИКТИ

Кечигүүдө жаз неге?..Каптап туман..
Кар да жаайт себелеп улам-улам.
Кете бербей кайран кыш кетенчиктейт,
Каракчыдай жаз жолун тооруп турган..

Томсорушат дарактар үшүгөндөй,
Турат баары алиге бүчүрү өнбөй.
Күлүп көктөн нурларын чачыраткан,
Күндүн таппай мээримин, чүнчүгөндөй..

"Жазда көр"- дейт "кыш камын", баба дыйкан,
Жерин айдап, үрөнүн камдап турган.
Жазым келчи, жайнасын жандын баары,
Ачып салчы кабагын күндүн чыткан..





## ЖЕҢЕ БИЛЕТ

Бул жашоонун агы менен карасы,
Болот тура эриш-аркак, чамасы.
Кошо жүрөт дайым бирге эрчишип,
Кутула албайт андан адам баласы..

Коёт кээде жыргалына балкытып,
Кудум көктө булут сымал калкытып.
Күлкү-шаттык уялатып көөдөнгө,
Көк чайыттай көңүлдөрдү жаркытып.

Керексиздей, кээде жанчат тепкилеп,
Койгон максат, тилектерди керткилеп.
Тамандардын тамтыгын бүт кетирет,
Таштак жолдор талкалап да, кескилеп..

Адамзаты ойчул келет, акылман,
Акыл калчап жыйнайт ойду, чачылган.
Издеп, таап чыгуу жолун көйгөйдөн,
Ийгиликтүү иш жүзүнө ашырган.

Жаралганда маңдайына чегилген,
Сыноолорду, үстү-үстүнө берилген.
Жеңе алышат сабырдуулар, көтөрөт,
Кайраттанып, башкасын бир өлүмдөн!..

## БОЛОТ ТУРА

Болгон өңдүү жашоонун ак, карасы,
Болот тура кээ бир адам баласы.
Аңдаганга мүмкүн эмес сыртынан
Андайлардын ичинде экен аласы!..

Мен жашоодо пенделерди көп көрдүм,
Маектештим, назарымдан өткөрдүм..
Болгон менен сырты сулуу, жалтырак,
Бөксө экен жан дүйнөсү көптөрдүн..

Эңсегени байлык, бийлик, салтанат,
Эч бир жанды теңине албайт, чалкалап.
Кийимдердин түрүн айтып, кийгенин,
Кала берсе жеп-ичкенин мактанат..

Көз алдыңда болуп укмуш жайдары,
Каалаганча алат сенден пайданы.
Андайларга арга да жок, айла жок,
Адат экен сиңип бүткөн кандагы!..

Сиңип калса ошол адат канына,
Сынат бир күн сөздөн, буттан чалына.
Кылган үчүн кыянаттык, бакылдык,
Кабылаттыр жаратkандын каарына..





## ТАК ЖАЗЫЛГАН ТАРЫХТА

Бабаларым болгон үчүн акылман,
Баасы бийик, накыл сөздөр айтылган.
"Бөлүнгөндү бөрү жейт"- деп эл-журтун,
"Бөлүнбө"- деп, ынтымакка чакырган.

Эчен улуу залкар өткөн кыргыздан,
Эл, жер үчүн тоодой эмгек кылышкан.
Эр жүрөктөр келген үчүн корголоп,
Эгемендүү... гүлдөп турат Кыргызстан!

Санжырасын сактап келип кемиктей,
Санап берди урпактарга эрикпей.
Сан миңдеген саптан турган Манасты.
Саякпай чоң атам айткан кемитпей.

Бабалардын баасы бийик тоолордой,
Биз үчүн чоң, коргоп турган коргондой.
Боздоп өткөн чындык үчүн аталар,
Барпы, Алымкул, Токтогулдай, Корголдой.

Так жазылган өчпөс болуп тарыхта,
Ташка тамга баскан өңдүү калыпка.
Татыктуулар биздин ата-бабалар,
Түк өчпөгөн, окшош алтын казыкка!

## КЛАССТАШТАР

Кечээ гана жапжаш элек баарыбыз,
Көңүлдөр шат, болгон эмес кайгыбыз.
Кымча белдүү сулуу селки, боз улан,
Кайда ошол?.. Кырчылдаган чагыбыз.

Балдай ширин балалыктын доорунда,
Бирге окуп, бир мектептин койнунда.
Кош айтышып, он жыл билим алган соң.
Багыт алып, түштүк турмуш жолуна.

Канча жолу кышты тостук, кар жааган.
Канча жазды көрдүк гүлдөр жайнаган.
Кырк тогуз жыл суудай агып өтүптүр,
Кыйкырсак да, келбес эми кайрадан..

Боз уландар кемелине келишип,
Байкап сүйлөп, улуулугун сезишип.
Калышыптыр мурдагыдай шоктонбой.
Ар бир сөзгө аяр маани беришип.

Кыздардагы кылык-жорук баягы,
Калбаптыр эч, түк көрүнбөйт карааны.
Чарчоо тарткан, жүздөрүнөн байкалат,
Карылыктын даамын татып калганы.

Бириң врач, сыркоо менен алышкан,
Бириң эжей, бириң чебер дасыккан.





Мен да жүрөм эл катары дасыгып,
Ырды сүйүп, ыр жазууга машыккан.

Бар болгула! Классташтар, баарыңар,
Кайда болсо аман болсун жаныңар.
Жолугушуп, болсок деле кемпир-чал,
Жүрөлүчү кемибестен саныңар!..

## КЫШТЫН ДА БАР СУЛУУЛУГУ

Жааса ак кар, майда-майда себелеп,
Карап турсаң кандай сонун керемет!
Өзгөчө бир дабыш берет кычырап,
Кар үстүндө басып жүрсөң тебелеп.

Кыштын да бар сулуулугу башкача,
Аппак болуп айлана бүт таптаза.
Кудуңдашып наристелер кубанат,
Кардан топтоп аяз ата жасаса.

Күрмө кийип жылуу, тумак башына,
Камданышат муз тебүүгө шашыла.
Кошунанын уул-кыздары тестиер,
Кыйкырышып, бирин-бири чакыра.

Түтүн булап чатырынан үйлөрдүн,
Түйшүгү артып тирүү жашап жүргөндүн.
Тамак-аштын камын көрсө апалар,
А аталар, камында кар күрөөнүн.

Кар астында калып акыр-чикирлер,
Ак шейшебин жамынышат бүтүн жер.
Кардын да бар касиети ушундай.
Көп жааганда көп болот да түшүмдөр.

## ДЕН СООЛУК

Ден соолугум мен өзүңдү барктайын.
Дейди шамал, ызгаарлардан сактайын.
Кынап, тизип шуруларын шөкөттөп,
Кие турчу киймдериң чактайын.

Ак шөкүлө кийинтейин башыңа,
Акак мончок кошо байлап чачыңа.
Кетпе менден, ден соолугум суранам.
Кейитпечи кетемин деп шашыла.

Кызыксың го, бул не деген кысымың?
Көбөйүүдө кыйма-чийме сызыгың.
Кыз кездеги ажардуу ак жүзүм жок,
Калбай барат бетимдеги кызылым.

Ден соолугум, укчу мени, тыңдачы,
Досум болчу, кыянаттык кылбачы.
Буурул тарткан чачтарымды кайрадан,
Боёп койчу кара түскө, сырдачы!

Ден соолугум кыянаттык кылбачы!





## БАКЫТ

Көп жыл мурда...Улгая элек кезимде,
Көнөктөп көп, ыйлаганым эсимде.
Тандай албай эки жолдун бирөөсүн,
Туталанып, келе албай бир чечимге.

“Булбул үндүү ырчы болом”- дечүмүн,
Бассам-турсам ошого кам жечүмүн.
Таалай-бакты табам го деп өнөрдөн,
Таңда-кечте кыялдана берчүмүн.

Бузулбашын очогумдун, кааладым.
“Бакыт”- деп мен,ушул жолду тандадым.
Бүлөм бүтүн, бекем болсо ден соолук,
Берет кудай буюрса!.. Бүт калганын.

Башка такыр, азыр менин ойлорум,
Баштагыдай кыялданбай койгомун.
Эң чоң бакыт экен тынчтык, бейпилдик.
Эл ичинде аман-эсен болгонум.

Анча деле санааркабай калгамын,
Ал ойлорду баштан кууп салгамын.
Анткендиги туйдум бакыт экенин,
Аман жүрсө аймончоктой балдарым!..

## МАКСАТ КОЙГОМ БЕКЕМДЕП

Жолго чыккам жакшылардын артынан,
Жетейин деп жанталашып талпынам.
Кирип алгам ыр дүйнөнүн ичине,
Кенендиги Ысык-Көлдөй чалкыган!

Мен алдыма максат койгом бекемдеп,
Мыктылардын кечкен суусун кечем деп.
Бир жакшы эмгек арнабасам элиме,
Бул жарыкта жашаганым бекер деп.

Улуулардай мен да болсом экен деп,
Умтуламын улам-улам жетем деп.
Жазгандарым бир аз толбой купулга,
Жүрөм азыр өзүмдү өзүм "бечел"-деп.

"Көч түзөлөт, бара-бара"-дегендей,
Кылымдарга жашай турчу кебелбей.
Жаралаттыр жакшы ырларым жамырап.
Жаа көзөгөн, жаза тайбас жебедей.

Жакшы тилек ойлорум бар алдыда,
Жылам аста аман койсо алдыга.
Жар болсун деп дайым бизге жакшылык,
Жаркып тосом ар бир аткан таңды да.





## ЖАЗДЫ КҮТӨМ

Жазды күтөм, жашыл чапан кийинген,
Байчечекей терип балдар сүйүнгөн.
Баба дыйкан эгин айдап, бак тигип,
Эмгектенип билектерин түрүнгөн.

Жазды күтөм, эргүү берген акынга,
Жашоо баштайт дарак бүрдөп жакында.
Айланага улам берип коозлук,
Алча гүлдөйт эң биринчи багымда.

Жазды күтөм, жамгыр төккөн нөшөрдөн,
Жер жумшарып, талаа түздөр көгөргөн.
Келгин куштар тынбай сайрап үн кошуп,
Айлана бүт коозлукка бөлөнгөн.

Жазды күтөм, түркүн гүлдөр жайнаган,
Жыпар жытка чулганып бүт айланам.
Жетелешип айлуу түндө сырдашып,
Жаш бозойлор кызга сүйүү арнаган!

Жаркын жазды жактырбаган барбы адам...

## КЕЛСЕ ЭКЕН БАЧЫМ

Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңээри чындык.
Ойдо жок жерден кудайдан буйрук келээри чындык.
Тирүүлүк деген туш-туштан улам түрмөгүн чубап,
Түгөнбөй такыр, түйшүгүн арта берээри чындык...

Чыйрыктым үшүп, санаадан денем жанчылып бүтүн,
Чыга албай сыртка, жүрөктү ыштайт чычала түтүн.
Чыйралсам дагы өзүмдү-өзүм сооротуп улам,
Чаалыгып-чарчап, баратат калбай кайратым, күчүм.

Аманат жанды беш күндүк кылып жаратса деле,
Аттиң ай, анда бири кем кылып жаратат неге?
Кала албаган соң түркүгү болуп дүйнөнүн, пенде,
Койсочу баарын, төрт тарабын тең төп кылып эле...

Арылбай келет жүрөктү эзген көйгөйдөн башым,
Алтымыш үчтөн аралап эчак өтсө да жашым.
Ойлогон оюм орундап, тилек-максаттар чогуу,
Ооматтуу күндөр күттүрбөй көпкө, келсе экен бачым.





## ЧАЧАМ ЫР ЧАЧЫЛАМДЫ

Өйдөлөбөй негедир жатамын да,
Өзөк күйүп ошого капамын да.
Саптарымдын тамшантаар татымы жок,
Сарсанаага сабылып батамын да.

Калем кармап калп эле жүргөндөймүн,
"Кыйраттым"-деп билекти түргөндөймүн.
Кыраандардай анда не бийик көктө,
Канатымды каккылап күүлөнбөймүн.

Мен өзүмө ушундай суроо салып,
Миң толгоном, сезимге бурoo салып.
Эргүү издеп элеңдеп эсим кетти,
Эт-жүрөгүм эзилип, дүйнөм тарып.

Жыйнай албай ойлорум чачыламын,
Жылоолобой эргүүмдү качырамын.
Буйдаланам ача албай ырга толгон,
Бекип калган эшигин казынамдын.

Ачам бир күн буюрса казынамды,
Ай-ааламга чачам ыр чачыламды.
Теңир терип тилекти, аман койсо,
Топтоштурам ойлорду чачыранды.

## КАСИЕТИҢ БАР

Бура тартып жетелеп сезимдерим,
"Бөксөртөйүн жан дүйнөм эзилгенин.
Сыр бөлүшүп көңүлүм сергитип"-деп,
Ысык-Көлүм, жээгиңе келдим сенин.

Карап туруп түрүлгөн толкундарың,
Түрмөктөлгөн эргүүмөн толкундадым!
Кайталанган оп-окшош кыймылыңдан,
Көзүм албай суктанып олтурамын.

Кусалыгым көөдөндү бууп турган,
Касиетиң бар сенин жууп кууган.
Кандай гана керемет толкунуңдун,
Шарпылдаган добушун угуп турган!

Кээде ойноп балыктай чабак уруп,
Кетким келет айланып сейил куруп.
Көл үстүндө калкыган ак кууларга,
Ашыктарга арбалам көңүл буруп.

Тыптынч болуп кээ бирде мелмилдейсиң,
Канча болсо батырам келгин дейсиң.
Мейман келсе кубанып койнун ачкан,
Улуу кыргыз элимдин пейлиндейсиң!..





## ЭСТЕЙ БЕРЕМ

Эстей берем, жалын жаштык куракты,
Кол-буттар шок, кара жорго бийлеген.
Көр тирликтин эмне экенин билбеген.
Эң бир баалуу... Кетсе келбес убакты!..

Карегимден кетпейт такыр эч эле,
Теребиз деп карагатты, ийилген.
Тикендерге балтырыбыз чийилген,
Күндөр ошол, болгон сымал кечээ эле.

Жүргөн менен жүрөк кургур булкунуп,
Тарсылдаган жаш кезимди сагынып.
Түтпөй кетем түркүн ойго малынып,
Жетпегенге...Кусаланып...Умсунуп!..

## КҮЗГҮ ЖАЛБЫРАКТАР

Жалбырагын жоготконго кайгырып,
Жап-жаш жашыл чапанынан айрылып.
Бак-дарактар сумсайгансып көрүнөт,
Жып- жылаңач калганынан айбыгып.

Жердин бети кызыл сары, жалбырак,
Жер-эненин эки бети албырат.
Жылуу, жумшак, кооз килем жамынып,
Жаз келгенче уктайт эми магдырап..

Ушул мезгил кээде жагат жаштарга,
Бак аралап, сейил куруп басканда.
Сукташышат жаш балача таңыркап,
Жалбырактар сапырылып жатканга.

Колдоруна кочушташып алышып,
Куушуп ойнойт бир-бирине чачышып.
Кезиккенсип өзгөчө бир ааламга,
Кубанышат ырахатка батышып..

Куушуп ойноп жалбырактан чачышып…

## ТАБЫЛГЫС АЛ

Эң алгачкы махабатым,
Эрте жазда жолукту.
Буйрук экен... Болдо албадым.
Айдай сүйкүм колукту...
Суйкайып мен жүрө албадым,
Түгөй болуп түбөлүк,
Салып алып башыма ак,
Жарашыктуу жоолукту...

Жер бетинде ал да, мен да,
Очор-бачар...Бүлөлүү...
Кол кармашып кетпегѐнге,
Себеп жок да жүйөлүү.
Бизде эместир күнөө балким...
Бир жарк этип дароо өчкөн,
Сезимдер го...Күнөөлүү!..





Сүйүү жакшы, эгер чыкса,
Түпкүрүнөн жүрөктүн.
Сакталат ал, мейли жүздөп,
Сан миңдеген жыл өтсүн..
Тамшандырат ар пендени,
Тирүүлүктүн шаңы ушул,
Табылгыс ал, жанга дабаа,
Тамчысындай мүрөктүн!..

## ЭКӨӨБҮЗДӨН

Болгону анда..Бүчүр элек..Жаш элек..
Бажырайтып бир да гүлүн ача элек.
Бул жашоонун өйдө-төмөн жолдорун,
Баса да элек, ысык-суугун тата элек..

Кат жазчусуң "Ардактуу!"- деп, "Сүйгөнүм!"..
Колдонуп, көп калем саптын түрлөрүн.
Кооз кылып кызыл, жашыл, көк менен,
Кат соңуна тартып роза гүлдөрүн..

Аяр бүктөп, чабарманга тапшырып,
Айтчу экенсиң "Тез жеткир"- деп, шаштырып.
Жан адамга билгизбестен абайлап,
Жеткирүүнүн ыгын ойлоп, таптырып..

Тийер менен дал ошол кат колума,
Ток жүргөндөй бүткүл дене боюма.
Чок басkansып алоолонуп, өрттөнүп,
Чырмалчумун ак сүйүүнүн торуна!..

Көчө-көйдө бирок бирге баспадык,
Калкка таандык салтты бекем сактадык.
Чечкиндүүлүк кылып ата-энебизге,
Чындыкты биз айта албадык, айтпадык..

Алгач сүйүүм..Койчу бизди кечирип!..
Асырабай алдык сени кетирип.
Элес албай аруулугуң, ууздай,
Экөөбүздөн кетти ката, чекилик!..

## КЭЭДЕ...

Сүйүү!.. Адеп келген кезде жыргатат!..
Түйшүк салып, түркүн ойго чырматат..
Кулк-мүнөздөр байкалганча бир-бирин,
Кадыр күтүп, каада сактап сыйлатат.
Күчтүү болсо сүйүү жолдо эрктери,
Кээ бир жуптар өмүр бою сыйлашат.
Эриш-аркак болуп, эчен кырды ашат.
Эрте кечте эрмектешип сырдашат.
Жакшы сүрүп өмүрлөрүн, куунашат!..
Кээ бир, кээ бир жеңил ойлуу, желмелер,
Адам кейпин кийген арсыз, телбелер,
"Сүйөмүн!"- деп, сүйгөн жарын алган соң,
Кучак жайып коюнуна салган соң.
Жумурткадан кыр издешип, чырдашат,
Өздөрүн да, өзгөнү да кыйнашат.
Аягында ажырашып, кыйрашат,
Өмүр бою өксүп анан ыйлашат…





## САГЫНДЫМ

Сырдаштык түнү..Ай жарык..
Сезимдер жипсиз байланып.
Сүйүүнүн жалын, отуна,
Сен жанып..Кошо мен жанып!..

Сагындым ошол көктөмдү,
Себелеп жамгыр өткөндү.
Сыдырым соккон жумшак жел,
Саамайдан сылап, өпкөндү..

Суйкайган анда жаш элем,
Сурма көз, кара каш элем.
Саматкан кыйла жандарды,
Сулуу ай, көктөм жаз элем!

Сестентпей секин кол салып,
Сөздөрүң менен тор чалып.
Сымаптай сиңип жүрөккө,
Сен кирип алдың, жол салып!..

## МАХАБАТ

**//акро ыр//**

М ахабат!..Ташкындаган дайра сымал,
А кканда күр-шар эткен айбаты бар.
Х анды да, бакырды да багындырган,
А рыстан шердикиндей кайраты бар.
Б илдирбей тузак жайып ар кишиге,
А згырып алчу амал-айласы бар.
Т атымдуу бал сыяктуу пайдасы бар!..

## АЯДЫМ

Ашыкмын деп, жазып эчен каттарды,
Арасына кошуп сүйүү саптарды.
Жүргөн ошол бирге окуган курбумду,
Жазгым келди эстеп ошол чактарды.

Жолукканда айып кылган баладай,
Жалтактачу, көзүмө тик карабай.
Сүрдөгөнү жолтоо болду жүдөтүп,
Сезимдерди серпилтүүгө жарабай.

Тиктечү эле жоодуратып көздөрүн,
Түздөп, ондоп, айта албай сөздөрүн.
Катуу какпай курбум экен аядым,
Көрбөйүн деп көңүлүнүн чөккөнүн...





## КЕЛЧИ ЭМИ

Кезигишүү болоттур балким кайра..
Кусалыктан арылтып жүрөктөрдү,
Кубанычтуу өткөрүп мүнөттөрдү.
Кеч күздөбү, кышында, жаз же жайда..

Мейли өтсүн арадан айлар, жылдар,
Сезем бир күн жаркылдап келээриңди,
Сонун букет гүл жасап берээриңди.
Мага арнап ак сүйүү, бакыт, жыргал.

Келээр болсоң жаркыным, жазда келчи,
Жашылданып бак-дарак бүр ачканда,
Жыт аңкытып розалар гүл ачканда.
Кубандырып жаныма кубат берчи.

Жүрөгүмдүн жалгыз сен эңсегени,
Күтө берип соолуттум карегимди.
Кабарым жок, билбейм же дарегиңди,
Жароокерим, күттүрбөй келсең эми...

## ТООДОЙ БИЙИК ЭМГЕГИ

**(Улуу, залкар жазуучу Ч.Айтматовдун элесине)**

Тоодой бийик эмгегинен Чыңгыздын,
Туусу ааламда желбиреди кыргыздын!
Чындыгында айырмасы такыр жок,
Чыңгыз менен таңкы чолпон жылдыздын!..

Таамай жазып чыгарманын эченин,
Тастыктады кыргыз улуу экенин!..
Саманчынын жолундагы Толгонай,
Сыймык, жүзү, жалпы кыргыз эненин!..

Том-томдогон эмгектери жазылып,
Түрдүү тилге которулуп басылып.
Күйөрмандар тажабаган көрүүдөн,
Көркөм тасма болду баары тартылып.

Жамийлада, ак сүйүүнүн баяны,
Жоламандан, маңкурттуктун абалы..
Акбаранын көз жашынан сезилет,
Акылсыздык, ачкөздүктүн аягы..

Кеменгердин ар бир жазган эмгеги,
Көйгөй, чындык жашоо, турмуш, элдеги..
Чагылдырган"Бетме-бетте", чечкиндүү,
Чындык үчүн кадам койгон Сейдени!..

Салмагы чоң адабиятта, дүйнөлүк!..
Салган жолу ааламга анын, күбөлүк.
Алп, шерибиз жашай берет ар дайым,
Ар бир кыргыз жүрөгүндө түбөлүк!!





## УНУТУЛБАЙТ

**(Улуу залкар акын Алыкул Осмоновдун элесине)**

Кимдер билбейт Алыкулдай атанын,
Кадыр баркын, дүңгүрөгөн атагын.
Ата журтка ак эмгегин арнаган,
Ардактаган сүйүп, даңктап баалаган.
Алайын деп өз мойнуна азабын!..

Алп акындын туулган кичи мекени,
Айкын бизге Каптал-Арык экени.
Кыска гана өмүр сүрүп жарыкта,
Из калтырган өлбөс-өчпөс тарыхта.
Асыл сөздүн жаратманы, чечени!

Тагдыр аны жаштайынан желкелеп,
Тартуулаптыр сыноолорун эртелеп..
Жетим калып томолой ал жашынан,
Жабырдуу көп күндөр өткөн башынан,
Жүрө албастан ата-энеге эркелеп..

Токмоктогу балдар үйүн байырлап,
Тагдырына жазылганын кабылдап.
Китептерди көп окуптур, үңүлүп,
Калбастан эч эртеңинен түңүлүп.
Көөдөнүндө көрөңгөсү жалындап.

Ырлары анын гезиттерге басылып,
Ыр дүйнөгө табити улам ачылып.
Боордош элдин чыгармасын барактап,
Бир далайын которуптур карап, так.
Билим кенчин өстүрүүгө машыгып.

Турса деле оор илдетке чырмалып,
Түндөп-күндөп "күрс" жөтөлүп, кыйналып.
Таамай жазып түбөлүктүү ырларын,
Том-том кылып чыгарыптыр жыйнагын.
Тыным албай эмгектенип, чыйралып.

Кулк-мүнөзү токтоо тартып жүргөнү,
Көп ойлонуп аз болчу экен күлгөнү.
Техникумда окуп жүргөн учурда,
Төп келишип толгон үчүн купулга,
Айдай болгон экен алгач сүйгөнү.

Махабаттан ачылбай бак-таалайы,
Маңдайына жазылбаптыр Айдайы..
Каршы чыгып кыздын эне-атасы,
Көңүл чөгүп, көбөйүптүр капасы.
Көөдөнүнө толуп күйүт, арманы..

Турмуш куруп Зейнеп менен жаш акын,
Түзүп, курайт үй-бүлөнүн башатын..
Кыздуу болуп, атын Жыпар коюшат,
Күндөрдө ошол, бактылуу жан болушат..
Тууган, достор беришип ак батасын.





Бирок, тагдыр жазган ошол сызыгын,
Өзгөртпөстөн жасайт да бир кысымын..
Он беш күндө кызды алдырып ажалга,
Акын өзү коюп келет мазарга.
Кыркып калып сактайт чачын, кызынын..

Турмуштары болбой, Зейнеп тарынып,
Төркүнүнө кетип, келбейт кайрылып..
Үйүн алып башка жерден жаңылап,
Ырлар менен өзүн-өзү дарылап.
Жашайт акын жалгыздыкты жамынып.

Көлү менен жүргөн дайым сырдашып,
"Кээде тынч да, кээде толкун" - деп жазып.
Эл жүрөгүн ээлеген бул саптары
Сыймык менен жатка айтышат жаш-кары.
Кеменгерди урматташып, сыйлашып.

Отуз беш жаш, күлгүн курак чагында,
Оттой жанып эмгектенээр маалында.
Кеткен экен ичээр суусу түгөнүп,
Бирок анын гүл элеси, түбөлүк,
Унутулбайт кыргыз эли барында!..

## ЭСКЕРЕЛИ УНУТПАЙ

Канкор фашист, каптап кирип батыштан,
Ажал огун жаадырганда капыстан.
Күм-жам болуп канча жандар заматта,
Жери менен жексен болуп калышкан.

Эр азамат бири калбай катталып,
Баары кеткен, батыш көздөй атганып.
Кан жутушуп ата-энелер, алган жар,
Кала берген көздөрүнөн жаш тамып.

Беш жыл бою душман менен кармашып,
Бекем туруп ажал менен арбашып.
Бейпил турмуш белек кылган биз үчүн,
Берендерим, канын- жанын арнашып!

Күнү-түнү окопгордо сойлошуп,
Келечегин урпактардын ойлошуп.
Жеңип келген биздин баатыр аталар,
Жеңиш туусун рейхстагка, орнотуп!

Тылда калган кары-картаң, жаш балдар,
Мекен жүгүн бүт моюнга арткандар.
Алар дагы жоокерлерден кем эмес,
Азап даамын жетишээрлик таткандар!

Согуш үнү зыркыратып бүт элди,
Кара түтүн каптап калган мекенди.





Апаат согуш, ата-журтун коргоодо,
Жанын алып, майып кылган эченди.

Ажалдан эч тайманбаган кеменгер,
Эрки күчтүү болгон үчүн берендер.
Тээ байыртан жеңип келген дайыма,
Эркиндикти сүйгөн улуу биздин эл!

Согуш үнүн, урпактарым укпасын,
Күндүз күлүп, түнүгө тынч уктасын.
Энелердин көздөрүнөн ылайым,
Кайгы-муңдан көз жаш агып чыкпасын!

Ар жыл сайын эскерели, унутпай,
Аталардын баатырдыгын улуктай!
Урматына өчпөс оттун туралы,
Билигине май тамызып, курутпай!

## БОЛСУН ДАЙЫМ

Алааматтар болгон айрым жердеги,
Арбытууда сар-санааны мендеги.
Ойдо жоктон кырсык каптап кашайтып,
Ойрондолду канча адамдын эмгеги..

Жараткандын каары катуу келгендей,
Жаман, бузук иштерди ал сезгендей..
"Эсиң барда этегиңди жыйна"-деп,
Эскертүүсүн пенделерге бергендей..

Сел каптады эчендеген айылды,
Сандаган эл тартты жапа-жабырды.
Капысынан келген ажал оп тартып,
Канчалаган жанды кошо агызды.

Адамдардын пейилдерин карасак,
Аябай эле айнып, тарып баратат.
Акыл-эстен азып айрым айымдар,
Арабызда азайды акыл Карачач..

Эр Манастай азаматтар төрөлбөй,
Элин-жерин сүйгөн шерлер көбөйбөй.
Ырк-ынтымак элден улам кетүүдө,
Ыйман нурга тулку бойлор бөлөнбөй..

Көрө албастык, ичи тардык күч алып,
Күндөн-күнгө барат оту туганып.
Ачык-айкын айтыла албай акыйкат,
Аба жетпей тумчугууда тушалып.

"Бузулду" - деп, заманaны айтпайлы,
Бузулушуп кээ пенделер, жатпайбы..
Кесиринен жамандардын, азап жеп,
Көкүрөгүн басты көптүн дарт, кайгы..

Адашкандар уйкуда али ойгонбой,
Акыреттин сот, сурагын ойлонбой.
Жасашууда ыплас, жаман иштерин,
Ыйык, таза жерлерди да ойрондой..





Жаратканым!.. Кечирим бер баарына,
"Жазалайм" - деп, калтырбагын каарыңа.
Асман ачык, жер жүзүндө тынччылык,
Болсун дайым урпактардын багына!..

## ЖАКШЫ ТИЛЕК

Өтө деле мен эмесмин акылман,
Өзгөчө бир сырым да жок жашырган.
Билгенимди өз, жат дебей бөлүшүп,
Бергим келет жардамымды жакындан.

Кыйын деле кыраакы да эмесмин,
Кызымын бир жөпжөнөкөй элеттин.
Бирде толуп, бирде кайра бөксөрүп,
Басып өткөн көбүн өмүр белестин..

Эрмектенем, эргип кээде чиймелеп,
Эңсегенин көңүлүмдүн тизмелеп.
Сап-саптарга жайгаштырам сөздөрдүн,
Сулууларын, саркечтерин иргелеп.

Жолун жолдоп Турар, Какен, Жолондун,
Мен да бир күн эл сынына толоормун.
Элегинен элдин өтсөм, экчелип,
Эл сыйлаган асылдардай болоормун..

Эжекелер, эл ичинде кадырман,
Эчен мыкты эмгектери жазылган.
Тенти! Меңди! Майрамкандай болгум бар,
Өлбөс-өчпөс тарыхта из калтырган!

Айып этпе жазганымды асылдар,
Айтууга ак тилегимди акым бар.
Жакшы тилек, жарым ырыс эмеспи,
Жакшы күндөр аман турсак жакындаар..

## КЕЧИРИП КОЙ ӨМҮРҮМ

Өмүр мынча неге балдай таттуусуң?
Өйдөлөгөн сайын укмуш барктуусуң.
Мезгилиң бар дарылоочу бат эле,
Унуттурат кээ күндөгү ачуусун.

Өмүр бирок сөздөрүмдү укпайсың,
Мезгил менен кошо учкан куштайсың.
Бириң бозой, бириң сулуу селкиче,
Кол кармашып бакыт күткөн жуптайсың..

Койчу бир аз асталатып кадамың,
Колдо даяр, калем сабым барагым.
Калкым үчүн бир жакшы ыр жаратып,
Көөдөнүмдүн, аткарайын талабын!

Өмүр, мени кечирип кой жарайбы?
Пайдасы жок өттү күнүм далайы.
Бир бешене жылытаарлык иш жасап,
Чын дүйнөгө анан, шашпай баралы!..





## КЕЛСЕ КАНА

Шайлоо десе түрүнүшүп билектерин,
Кооз кылып илип банер, сүрөттөрүн.
Жүрүшкөндүр жайылтышып күн-түн дебей,
Жең ичинен жем жедирмей илдеттерин..

Той да болот, болот тойдун эртеси да,
Баягы эле куру үмүткөр пендеси да..
Тартып күлдү ар ким өз-өз көмөчүнө,
Бармак тиштеп, аттиң кыла бермеси да..

Ойломок жок эртеңки күн не болоорун,
Алсыздары алдууларга жем болоорун..
Айласыздан кетип жаткан эл агымын,
Токтотпосо улутубуз жоголоорун..

Эл башына ыймандуусу келсе кана,
Эл байлыгын элге гана берсе кана.
Бай-кедейге айландырбай телегейин,
Тегиз карап, алга сүрөп кетсе кана..

## ОЙЛОР МЕНЕН

Ойлор бүтпөйт, тартып болбойт тизгинин,
Ансыз эч ким жашай албайт билгиниң.
Ойлор менен сезимдер бир, санаалаш,
Ошон үчүн билесиң ким, кимдигин.

Ойлор менен ойду-тоону, кезебиз,
Ойлор менен жетпегенге жетебиз.
Ойлоп таап укмуштардын, укмушун,
Оңдолууда кулпуруп, жер энебиз!..

Ойду түздөп жакшылыкка, мээлесек,
Куу шайтанга моюн сунуп бербесек.
Орундалат ар пенденин максаты,
Колубузду бийиктикке сермесек.

Ойлор менен жашаганга не жетсин,
Күлүк ойлор ар пендеге керексиң..

## УЛУУ СЕЗИМ

Улуу сезим берген үчүн жараткан,
Дүйнө сулуу, арзуулар көп бүтпөгөн.
Даам татып сүйүү деген шараптан,
Түгөйлөр бар, түбөлүгүн түптөгөн.
Жандар да бар арабызда, адашып,
Кабылышкан, тагдырларга күтпөгөн..

Пенде жоктур, сүйүү балын татпаган,
Жыргалына, азабына малынып.
Оттон дагы, суудан дагы кайтпаган,
Анын улук мыйзамына багынып.
Дербиш болуп, тентип кеткен канча адам,
Жан кейиткен азабына кабылып!





Ээлеп алат бүт эркиңди энчилеп,
Тумандатып сокур кылып көзүңдү.
Түйшүктөнтүп түн уйкуңдан бездирет,
Саргайтып ак сүйкүм, нурдуу өңүңдү.
Хан болсоң да кайырчыдай кездирет,
Ар обонго салып күүлөп өзүңдү..

## КЕЛСЕҢЧИ ЖАЗЫМ

Мээримиң артып,
Кар кечип тайгак жолдорду басып,
Келсеңчи жазым!
Чытылган, күндүн кабагын ачып.
Уйкудан козгоп,
Жашоого үндөп жандыктын баарын,
Жаңылап салчы,
Жер бетин жашыл боёгуң чачып..

Жер эне дагы,
Жасансын гүлдүү көйнөгүн кийип,
Гүлдөрүн ачсын,
Бак-дарак текши, күн нуру тийип.
Кубансын балдар,
Алыстан учуп келишкен түркүн,
Куштарга арнап,
Уяча жасап шактарга илип..

Көпөлөк учса,
Көптөгөн, гүлдөн гүлдөрдү тандай,

Туш-туштан торгой,
Үн салып турса кубулжуп сайрай.
Бейиштей болгон,
Мекеним менин өркүндөп, гүлдөп,
Жашообуз болсун,
Жадырап, көктөм жапжашыл жаздай!..

## ТАЛАА ГҮЛДӨРҮ

Жердин бетин саймалашып түрлөрү,
Жамырашат жазда талаа гүлдөрү.
Эң биринчи байчечекей башбагат,
Эс тарта элек жаш балдардын сүйгөнү!

Гүл жыттанып жер эненин денеси,
Гүлгө оролот кыр, адыры, белеси.
Сарпай кийген саркеч айым өңдөнүп,
Суктандырат, көз талдырып элеси.

Жандын баарын кубандырат карачы,
Жашыл көктөм таза, салкын абасы.
Жан дүйнөсү кубат алат магдырап,
Жаз жытына балкып адам баласы...

Үнүн коштоп шарпылдаган дайранын,
Үн алышып, куштар курат сайранын.
Көрүү кандай баа жетпеген ырахат,
Көктөм жазда таңдын супа салганын!
Суктандырат, көз талдырып элеси.





Жандын баарын кубандырат карачы,
Жашыл көктөм таза, салкын абасы.
Жан дүйнөсү кубат алат магдырап,
Жаз жытына балкып адам баласы...

Үнүн коштоп шарпылдаган дайранын,
Үн алышып, куштар курат сайранын.
Көрүү кандай баа жетпеген ырахат,
Көктөм жазда таңдын супа салганын!

## СҮЙҮНЧҮ

Чөбөрөлүү болдум достор, сүйүнчү!
Чын Теңирим мени бүгүн сүйүнттү.
Чексиз шүгүр мээримине Аллахтын,
Чеги жоктур кубанчымдын бүгүнкү!

Толкуп турам көк деңиздей чайпалып,
Көктөмдөгү көк шибердей жайкалып.
Кубанычтуу кабар угуп күн сайын,
Келди мына дөөлөт мага башбагып.

Чөбөрөнү көрүү дагы чоң бакыт!
Ал бакыттын балын турам мен татып.
Кудуңдаймын жетине албай сүйүнүп,
Боорго басып жыттаганга бир, шашып.

Атаң, апаң, көптөн күткөн, самаган,
Эркеси бол, эрмеги бол садагам.

Аман-эсен эр жетилип, элиңдин,
Уулу болгун кызматына жараган.

Жолтоо болду жолдун бир топ алысы,
Билет кымбат аз келгенсип анысы.
Жакшы күндөр бардыр бизге буйруган,
Аман болсун көрүшкөнчө баарысы!..

*25.08.2021-ж.*

## КУБАНЫП ТУРАТ ЖҮРӨКТӨР

Элимдин саны дагы бир жанга көбөйүп,
Жарыка келди ыңаалап, бөбөк төрөлүп.
Сүйүнчү айтып, коңгуроо чалып түн бою,
Дос, тууган, баарын шаттыкка бүгүн бөлөдүк!..

Ноябрь кечи, ызгаардуу суугун айтпаса,
Мен үчүн болду, күндөрдөн жакшы, башкача.
Тартуулап кудай дагы бир ширин чөбөрө,
Бакыттын турам даамын татып таптаза!

Багыма буйруп бактылуу саат, мүнөттөр,
Айтылып сонун, каалоолор менен тилектер.
Каректер турду балбылдап күлүп жайдары,
Жай алып согуп, кубанып турат жүрөктөр!..

*24.11.21-ж.*





## КЕЛИНДЕРИМ

Келин болгом мен дагы, кайын журтту сыйлаган,
Кайрып сүйлөп сөздөрүн, бир чеки иш кылбаган.
Жуурулушуп жакшы эле өнүп өстүм, көгөрдүм,
Алыс болуп жаман сөз, жаман адат, кыялдан.

Өзүм дагы келиндин, ыймандуусун тиледим,
Анткени мен айрым бир келиндерди билемин.
Кайненесин сыйлабай, акыл айтса тыңшабай,
Кызмат кылбай жарытып, кербезденип жүргөнүн.

Беш манжабыз тең эмес, түрдүү кыял адам бар,
Эстүү болсо келини, кайненеси жаман бар.
Келише албай чырдашып, жан дүйнөнү кыйнашып,
Арабызда жок эмес, ажырашып жаткандар.

Андай болбой сабырдуу, биз бололу кайнене,
Келин эмне жөн эле жерден чыккан жан беле?..
Жакшы сөзүң арнагын, жан шериги балаңдын,
Жандай көргөн бирөөнүн, эркеси да ал деле..

Кыздарымдан кем эмес келиндерим кымбатым,
Энеке деп эрте-кеч, кылып турат ызаатын.
Жаратканга шүгүр деп, дуба кылам жалына,
Көргүлө деп силер да, уул-кыздардын урматын.

Жакшы сүйлөп курбудай сырдашабыз дайыма,
Тарбиялуу перзенттер, туш болуптур багыма.
Кошо карып, өмүрлүү болгула деп ылайым,
Жаратпандан суранам, сурай берем дагы да…

## ТҮРҮП ЧЫКТЫМ

Көңүлүм эч нерсеге чаппай калды,
Көөдөнгө капалыгым батпай калды.
Тунжурап жорголобой калем сабым,
Томсоруп барактарым актай калды..

Санаамдын саны чексиз көбөйүүдө,
Саргайтып көңүлүмдү чөгөрүүдө.
Башка жол тандамакмын, мүмкүнчүлүк,
Берсе эгер кудай, кайра төрөлүүгө..

Жаңылбай кадамымды таштамакмын,
Жакшы ишке өмүрүмдү сарптамакмын.
Адашпай, жети өлчөп анан кесип,
Ар ишти акыл калчап баштамакмын.

"Акыл-эс, ыйман бергин кудайым" - деп,
"Ак дилден албан эмгек кылайын" - деп.
Беш убак жайнамазда сурамакмын,
"Бейиштин пайдубалын курайын" - деп..

Элимдин тилемекмин амандыгын,
Эч башка салбагын деп, жамандыгың.
Ар таңда пенделерге бөлүнүүчү,
Аш-туздун, ырыскынын адалдыгын.

"Калкымда ыймандуулар көбөйсүн" - деп,
"Калк үчүн күйгөн шерлер төрөлсүн" - деп.





"Кыргызым кылымдарга камырабай,
Кемибес нур-дөөлөткө бөлөнсүн!" - деп.

Түн бою таттуу кыял сүрүп чыктым,
Тарынчты көңүлүмдөн күбүп чыктым.
Түбүнө жетпей аалам кезсем дагы,
Түрмөгүн ойлорумдун түрүп чыктым..

## АГЫП ТУРСА

Жаратканга шүгүр айтып ар таңда,
Жакшы тилек, үмүт менен турамын.
Катарында жакшылардын мен дагы,
Келет, жашоо сапарымды улагым.
Уулдарымдан кыздарымдан учурда,
Урмат-сыйлуу күндү көрөөр убагым.
Аман болуп эл ичинде, токтобой,
Агып турса өмүр жашоо булагым..

Ар ким сүрөт ченеп, өлчөп бергенин,
Алтындан да кымбат, таттуу өмүрдү.
Чымырканып жыйнап акыл-оюмду,
Чыйралтамын ар күн сайын өзүмдү.
Ыр дүйнөнүн кемесинде калкылдайм,
Ырлар менен ачып маанай, көңүлдү.
Беш убак, ар намазымда тилеймин,
"Берсин кудай кечинен" - деп "өлүмдү"..

## ШЫК БЕРЕСИҢ

**Сонет**

Көңүл чөгүп капалансам ар дайым,
Колго аламын мен өзүңдү комузум.
Жеңил тартып жаркый түшөт маанайым,
Жардам берип коңгуроодой добушуң!

Күтүп эле сен да мени тургансып,
Кандай айтсам, так ошондой сүйлөйсүң.
Шам жарытып жолдорума нурдантып,
Шык бересиң жашоого сен, үндөйсүң!..

Бирде толкуп, бирде жайлап созомун,
Бир саамга бактылуу жан боломун,
Ырдап, көңүл көкөлөткөн ырларды.

Жабыркатпай жан дүйнөмдү дарылап,
Жүрөк черин жазып коюп ар убак,
Комузумдан алам рахат, жыргалды!..

## АСЫЛ ОЙ

**Сонет**

Асыл ой максат менен жашап келем,
Сынбастан, ийилсем да жамандарга,





Барбастан жаман жолго, кадамдарга,
Аллага алкышымды айтып терең.

Алыстап жан кейиткен сезимдерден,
Жолугуп жакшыларга жанашканга,
Чексиз мен ыраазымын жаратканга,
Өзүмө өзгөчө бир сезим берген!

Ааламды бир айланып кезип келип,
Абайлап куржунума терип келип,
Сөздөрдүн акак, шуру, берметтерин!..

Тизмектеп төп келтирип ыргактарын,
Жаратсам бактылуумун ыр саптарын,
Арналып элге мыкты эмгектерим!..

## МАЗМУНУ

.....3
Ак жол гана каалайбыз! .....5
Ыр болуп келет төгүлгүм .....8
Үмүт оту .....9
Кыргыз жерим .....10
Кыргызстан Баткенимден башталат .....11
Улуу тил .....12
Жоокерлер .....13
Жоокерге .....15
Касиети Ордонун .....15
Капитан кыз .....16
Жаңыралы .....17
Өрүкзар турсун кулпуруп .....19
Жергемде тынчтык орносун .....20
Айылым .....21
Не себептен .....21
Эр жигит эл четинде жоо бетинде .....22
Тарт колуңду .....23
Эркиндик .....23
Эстедим .....25
Акындар .....26
Аял затын коргогула .....27
Менин апам .....28
Жапжаш бойдон жүрөлү .....29
Агылам .....31
Мен .....32
Ыр болуп келет төгүлгүм .....33
Картайганда берсин кудай дөөлөттү .....33





Тагдыр .....35
Өмүргө кайрылуу .....35
Ажалга кайрылуу .....36
Коштошуу .....37
Жүрөмүн көптүн бириндей .....38
Акындык жүк .....38
Ошол бакыт .....39
Өзүмдү сүйөйүнчү .....40
Тапшырдым .....40
Карасам тоонун гүлдөрүн .....42
Адам кымбат .....43
Бул мендик .....44
Таазим кылам .....45
Арча бешик .....45
Аял баатыр .....47
Көөнөрбөгөн байлыгым .....48
Акын болуу .....49
Ак тилек .....49
Баарын бил .....50
Беш манжабыз тең эмес .....51
Өмүрүмдүн күзү келди .....53
Адамзаттын бактысы .....54
Сыймыгыбыз ушулар .....55
Алп акын .....56
Алп кеменгер .....57
Тирүүсүң .....59
Элмирбектин элесине .....60
Бийчи кыз .....62
Жамалың жайнап .....63

..........65
Кош бол Малик! ..........66
Эч өчпөстөн эми жашай бересиң..........67
Алтын күз..........68
Жашоо ыргагы..........69
Самай берем..........69
Кытай шайманы..........71
Ким болуп анан калабыз..........72
Жайлоодо..........73
Бир кудай билет..........74
Залкарлар..........75
Жамгыр..........75
Өмүр кербен..........76
Бакыт кушун кармайлы..........77
Пендесибиз Алланын..........78
Төрт саптар..........84
Жаңылансын чар тарап..........85
Кылайын деп кол кабыш..........86
Наристе сезим..........87
Коёлу максат кылып..........88
Кактус гүлү..........88
Сагыныч..........90
Менин кыялым..........90
Өнөр ээси..........91
Күздөгү жалбырактай..........92
Ойлор..........93
Кыш кетсе..........94
Аядым..........95
Дарыгерлер..........96
Таалайлуу болгун!





Айкөл айыл элдери..........97
Баалайлы..........98
Бул дүйнө..........98
Жашайлы сүйүп жашоону..........99
Жаздын жели..........100
Шашпа мезгил..........101
Өрүк гүлү..........102
Изги ойлор..........103
Көңүл көксөйт..........104
Балалыктын калаасы..........104
Музыка ыргагы..........105
Карылык..........106
Сулуу болсун жүрөгүң..........106
Жаз керемет..........107
Бир боорлорум..........108
Пендемин..........109
Жаз кечикти..........110
Жеңе билет..........111
Болот тура..........112
Так жазылган тарыхта..........113
Классташтар..........114
Кыштын да бар сулуулугу..........115
Ден соолук..........116
Бакыт..........117
Максат койгом бекемдеп..........118
Жазды күтөм..........119
Келсе экен бачым..........120
Чачам ыр чачыламды..........121
Касиетиң бар..........122

Эстей берем ....................................................................123
Күзгү жалбырактар ..........................................................123
Табылгыс ал ....................................................................124
Экөөбүздөн .....................................................................125
Кээде..............................................................................126
Сагындым.......................................................................127
Махабат .........................................................................128
Аядым.............................................................................128
Келчи эми........................................................................129
Тоодой бийик эмгеги ......................................................130
Унутулбайт ......................................................................131
Эскерели унутпай............................................................134
Болсун дайым .................................................................135
Жакшы тилек ..................................................................137
Кечирип кой өмүрүм.......................................................138
Келсе кана .......................................................................139
Ойлор менен ...................................................................139
Улуу сезим ......................................................................140
Келсеңчи жазым .............................................................141
Талаа гүлдөрү .................................................................142
Сүйүнчү...........................................................................143
Кубанып турат жүрөктөр ...............................................144
Келиндерим ....................................................................145
Түрүп чыктым ................................................................146
Агып турса .....................................................................147
Шык бересиң ..................................................................148
Асыл ой ..........................................................................148



# ҮМҮТ ОТУ

## Ырлар жыйнагы

Редактор *Манасова Буумайрам Ташматовна*
Корректор *Канназарова Каньшай Азиреткуловна*
Калыптоочу *Үмөткул Иманкулов*

Басууга 28.09.2024-ж. кол коюлду.
Форматы А4 (60х84 1/16). Көлөмү 10 б. т.
Нускасы 500.

«Кырсекон» БИ басылды.
Бишкек, Кең-Суу к., 78. Тел. 0555 927 290



*Толбосо да көр дүйнөгө капчыгым,*
*Толсо экен дейм жакшы ырларга баштыгым.*
*Камырабай кечип деңиз ташкынын,*
*Келет менин терең сүзүп чапчыгым.*

**Манасова Буумайрам Ташматовна**

1958-жылы 1-январда Баткен областынын Баткен районундагы Сай айылында төрөлгөн. Билими орто. Үй-бүлөлүү. Ыр дүйнөсүнө бала кезинен кызыгат.

"Поэзия Ордосу" көркөм-адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү. "Поэзия Ордосу" 4-5-, 6-7-китептерге ырлары кирген. "Болот калем", "Алтын калем" төш белгилеринин, "Алыкул Осмонов" медалынын, "Какендин алтын калеми" жана артыкчылык дипломдордун, Орто Азиядагы "Янги Овоз" жазуучулар, тарыхчылар союзу тарабынан берилген "Мыкты калемгер" төш белгисинин ээси.